КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

email: esep@esep.kg тел: +996 (312) 32 34 30 ФАКС: +996 (312) 32 35 11 Ишеним телефондору: +996 (312) 50 09 85

ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН
ИШИ ЖӨНҮНДӨ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

# 2023

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

www.esep.kg



**Бишкек 2024**

Ушул отчёт “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 100-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11-беренесине ылайык берилет жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдагы ишин чагылдырат.

Отчёттун мазмуну жана басылманы жайылтуу менен байланышкан маселелер боюнча, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Н. Исанов көчөсү, 131, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы дарегине кайрылса болот.
Телефон: +996 (312) 32 34 30, факс: +996 (312) 32 35 11, электрондук почта: esep@esep.kg, веб-сайт: www.esep.kg

## Урматтуу окурмандар!

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген тартипте түзүлүүчү, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына, бюджеттен тышкаркы каражаттарга, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзүүчү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Президентине отчёт берүүчү, Кыргыз Республикасынын тышкы мамлекеттик аудитинин көз карандысыз жогорку органы болуп саналат.

Аныкталган милдеттеринин алкагында Эсептөө палатасы уюштуруучулук, функционалдык, финансылык көз карандысыздыкка ээ, өз ишин өз алдынча жана аудиттин жогорку органдарынын аудитинин эл аралык стандарттарына ылайык жүзөгө ашырат. Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын атайын статусуна ээ болгон мамлекеттик органы болуп саналат.

Баса белгилей кетсек, 2023-жыл Эсептөө палатасы үчүн абдан маанилүү иш-чаралардын жылы болду. Баарыбызга маалым болгондой, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун демилгеси жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин колдоосу менен, 2023-жылдын 31-майында “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы кабыл алынган.


Албетте, Эсептөө палатасынын Мыйзамына конституциялык макамынын ыйгарылышы анын статусун, ыйгарым укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жогорку деңгээлге көтөрдү. Бирок, ошол эле учурда, Эсептөө палатасынын жоопкерчилиги, ага коюлган талаптар дагы күчөтүлдү.

Жогоруда белгиленген Конституцияда жана Эсептөө палатасынын конституциялык Мыйзамында көрсөтүлгөн милдеттерин аткаруу максатында, 2022-2026-жылдарга карата кабыл алынган Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын негизинде иштер аткарылууда.

Бул Стратегияда Эсептөө палатасы артыкчылыктуу максаттар катары, аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудит жүргүзүү аркылуу, мамлекеттик финансыны башкаруу тутумунун натыйжалуу, ачык-айкын жана отчёттуу болуусуна көмөк көрсөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, тийиштүү мамлекеттик органдар, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомчулук жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүүнү бекемдеп өркүндөтүү. Коюлган максаттарга жетүү үчүн Эсептөө палатасы өз кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуунун, милдеттерин сапаттуу аткаруунун үстүндө жигердүү иш-чараларды алып барууда.

Сиздерге тартуулап жаткан отчётто, Эсептөө палатасы тарабынан 2023-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын негизги көрсөткүчтөрү, кадр саясаты, тиешелүү мамлекеттик органдар менен кызматташуу, эл аралык мамилелерди өнүктүрүү жана алардын алдыңкы тажрыйбаларын колдонуу жөнүндө маалыматтар чагылдырылган.

***Урматтоо менен,***



***Эсептөө палатасынын төрагасы***
***Алмазбек Акматов***

**МАЗМУНУ**


**Кириш сөз ..... 5**

**1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу ... 6**

**2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү ..... 8**

2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары ..... 8

2.2. Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит ..... 23

2.3. Аудит субъектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштамалардын, сунуштардын аткарылышы ..... 24

3. **Отчёттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери** ..... 25

3.1. Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы ..... 25

3.2. 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы ..... 29

3.3. 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы ..... 29

**4. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн биргелешкен иш-чаралар ..... 31**

**5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу ..... 34**

5.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү ..... 34

5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү ..... 35

5.3. Эл аралык кызматташуу ..... 36

5.4. Коомчулук менен байланышуу ..... 38

**6. Коррупцияга каршы иш-чаралар ..... 39**

**7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо ..... 39**

7.1. Методологиялык камсыздоо ..... 39

7.2. Кадрдык камсыздоо ..... 41

7.3. Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү ..... 43

7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо ..... 44

**Корутунду ..... 46**

**Кыскартуулардын тизмеси ..... 47**

## Кириш сөз

Эсептөө палатасынын иши жөнүндө отчёт, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (мындан ары – Эсептөө палатасы) аудитордук иши жөнүндө отчётту түзүү тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык даярдалды.

Бул отчёт Эсептөө палатасына жүктөлгөн ыйгарым укуктарын жана милдеттерин аткаруу алкагында жүргүзүлгөн иш-чаралар тууралуу маалыматты чагылдырат.

Отчётто ушул мезгил аралыгында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын жакшыртууга багытталган уюштуруу иш чаралары, өз ишмердүүлүгүнүн максималдуу ачыктыгын камсыз кылуучу, коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш-аракеттер, ички жана тышкы жол-жоболорду санариптештирүү, жүргүзүлгөн аналитикалык иш-чаралар, аудит жүргүзүү жаатында методологиялык иштеп чыгуулар, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу иштерин улантуу, кадр мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу, эл аралык иш-аракеттерди уюштуруу жана Эсептөө палатасынын иштешинин башка аспекттери жөнүндө маалыматтар камтылган.

Ошондой эле, бул отчётто Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, мамлекеттик жана укук коргоо органдары, коомчулук жана башка кызыкдар тараптар менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө маалыматтар берилген.

Аталган отчётто, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө”, “Коммерциялык сыр жөнүндө” жана башка тийиштүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, “өтө жашыруун”, “жашыруун” жана “кызматтык пайдалануу үчүн” грифтери коюлган аудиттердин материалдары камтылган эмес.

## 1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу

Эсептөө палатасын 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиялык планы (мындан ары – Стратегия), 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын жана 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын негизинде, ошондой эле аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишин баалоо тутумунун жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан.

Бул Стратегияда Эсептөө палатасы төмөндөгүдөй артыкчылыктуу максаттарды жана милдеттерди аныктаган:

- **1-максат. Мамлекеттик финансыны натыйжалуу, ачык-айкын жана отчёттуулук принциптери менен башкаруу**

Бул максат Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкаруунун натыйжалуулугун күчөтүүгө багытталган. Буга байланыштуу Эсептөө палатасынын ролу мамлекеттик органдардын аларга бөлүнүп берилген мамлекеттик финансыны натыйжалуу башкарууда көрүлүп жаткан иш-чараларын баалоо жана талдоо, кемчиликтерди четтетүү жана алдын алуу чараларын көрүү үчүн заманбап жана актуалдуу чечимдерди кабыл алуу болуп саналат.

Жогоруда аталган максаттарга жетишүү үчүн аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарын жайылтууга умтулуу менен, Эсептөө палатасынын иш-аракеттери төмөнкүдөй милдеттерди аткарууга багытталган:

- шайкештик аудитин максатка ылайыктуу көбүрөөк камтуу жана алар боюнча сапаттуу отчётторду түзүү;
- натыйжалуулук аудиттеринин санын көбөйтүү жана алар боюнча сапаттуу корутундуларды даярдоо;
- финансылык аудитти жүргүзүүнү киргизүү жана алардын сапатын жогорулатуу.

- **2-максат. Кызыкдар тараптар Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчёт берүүчү жана кесипкөй уюм катары кабыл алуусу**

Аталган максат жарандарга, парламентке жана башка кызыкдар тараптарга өлкөдөгү окуяларга жана көйгөйлөргө пикир билдирүү, натыйжалуу жана активдүү байланыштарды пайдалануу, өкмөттөгү жана мамлекеттик уюмдардагы өзгөрүүлөргө колдоо көрсөтүүгө багытталган. Эсептөө палатасынын ишинде тийиштүү башкаруу, ачык-айкындуулук жана отчёттуулук, этикалык стандарттарга ылайык иш алып баруу жаатында мыкты натыйжаларга умтулуу менен үлгүлүү уюмдун ролун аткаруусу. Бул максаттарга жетишүү үчүн Эсептөө палатасынын алдында төмөнкү милдеттер коюлган:

– аудиттин эл аралык стандарттары боюнча Эсептөө палатасынын иши жөнүндө жылдык отчётторду, аудитордук отчётторду, анын ишин баалоо жана кызматкерлердин этикасы жөнүндө отчётторду жарыялоо.

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен өз ара

аракеттенүүнү күчөтүү.

2023-жылы Эсептөө палатасы тарабынан стратегиялык максаттарга жетүү жана коюлган милдеттерди аткаруунун алкагында төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлдү:

***"Мамлекеттик финансыны натыйжалуу, ачык-айкын жана отчёттуулук принциптери менен башкаруу" максаты боюнча:***

– жүргүзүлгөн аудиттердин 90 пайызы – бул шайкештик аудити, отчётту пландоо, ага даярдык көрүү жана өткөрүү, алар жогорку аудит органдарынын эл аралык стандарттарына жана шайкештик аудитинин ички көрсөтмөлөрүнө ылайык жүргүзүлүүдө;

– Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Президентинин тапшырмалары боюнча аудит субъектилеринин актуалдуу маселелери боюнча үнөмдүүлүк, натыйжалуулук жана жыйынтыктуулук предметине карата иликтөө жана талдоо боюнча натыйжалуулук аудиттерин жүргүзүүдө. Ошондой эле, натыйжалуулук аудити аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарын эске алуу менен иштелип чыккан нускамага ылайык жүргүзүлөт;

– финансылык аудитти киргизүү жана анын сапатын жогорулатуу жаатында тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлгөн. Кызматкерлерди финансылык аудит боюнча окутуу жана башка чет элдик аудиттин жогорку органдары менен тажрыйба алмашуу өткөрүлүүдө. Эсептөө палатасы тарабынан аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарын эске алуу менен жогорудагы аудиттин эки түрү боюнча, ошондой эле финансылык аудитин жүргүзүү боюнча нускама иштелип чыккан. Отчёттук жылы аталган Нускаманы иш жүзүндө апробациялоо улантылды.

***"Кызыкдар тараптар Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчёт берүүчү жана кесипкөй уюм катары кабыл алуусу" максаты боюнча:***

– "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы (31.05.2023-ж.) кабыл алынгандан бери, мамлекеттик, кызматтык, банктык, салыктык, коммерциялык жана мыйзам менен корголуучу башка сырларды камтыган маалыматтардан тышкары, Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы, жүргүзүлгөн аудитордук жана эксперттик-аналитикалык иш-чаралар боюнча отчёттор Эсептөө палатасынын расмий сайтында жарыяланууда. Белгилей кетсек, буга чейин жүргүзүлгөн аудиттер боюнча пресс-релиздер гана жарыяланып келген;

– Эсептөө палатасынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен өз ара аракеттенүүсүн өркүндөтүүгө жана жакшыртууга багытталган иш-чаралар туруктуу негизде жүргүзүлүүдө. Мезгил-мезгили менен жана зарылчылыкка жараша аталган институттар менен Эсептөө палатасынын ыйгарым укуктарына кирген маселелер боюнча жолугушуулар жана талкуулар өткөрүлүп турат. Жүргүзүлгөн аудиттер боюнча дээрлик бардык отчёттор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президентине, Министрлер Кабинетине жана башка тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлөт. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарын кароодо жана аларды бекитүүдө Эсептөө палатасынын Кеңешинин отурумуна чакырылат. Мындан тышкары, Эсептөө палатасынын басма сөз кызматы алар үчүн жаңылыктарды таркатып, ошондой эле Эсептөө палатасынын расмий сайтында жана социалдык

тармактардагы баракчаларында өз ишин активдүү чагылдырат. Ошондой эле, Эсептөө палатасында жарандарды коомдук кабыл алуу жүрүп, ишеним телефону иштейт.

*Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын толук версиясы менен бул жерден таанышууга болот*

*Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу*

## 2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү

### 2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, Эсептөө палатасы тарабынан 81 аудитордук иш чара жүргүзүлгөн, алардын жүрүшүндө аудит субъекттеринин 1 738 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү камтылган, анын ичинен: бюджеттик мекемелер – 944, чарба жүргүзүүчү субъекттер – 357, жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекеме жана уюмдар - 402 жана башка уюмдар – 35.

Отчёттук жыл ичинде аудитордук иштин жыйынтыктары боюнча, **10 768,6 млн сом** суммасында калыбына келтирилүүгө тийиш болгон финансылык тартип бузуулар Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган, көрүлгөн чаралардын жыйынтыгында тиешелүү бюджеттерге 4 031,1 млн сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 37 пайызды түзгөн.

***Финансылык тартип бузуулар** – бул, укуктук ченемдик жана башка актылар менен белгиленген финансылык жана башка ресурстарды түзүү, аларды бөлүштүрүү жана пайдалануу, бухгалтердик эсепти жүргүзүү ченемдерин бузуу жана тиешелүү бюджеттерге калыбына келтирилүүгө тийиш болгон, акчалай эквивалентте көрсөтүлгөн, финансылык бузуулар болуп эсептелет.*

Эксперттик-аналитикалык иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча, аудитордук иш-чаралар алкагында, Эсептөө палатасы тарабынан, финансылык тартип бузуулардын категориясына кирбеген төмөнкүдөй аныктоолор белгиленген:

– тиешелүү бюджеттерди толтуруунун мүмкүн болуучу кошумча булактары (бюджеттин резервдерин) – 186 055,0 млн сомго;

– финансылык жана башка ресурстарды рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдалануу (бюджеттин жоготуулары) – 38 626,7 млн сомго;

– жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар – 1 422 факты.

***Тиешелүү бюджеттерди толтуруунун кошумча булактары (бюджеттин резервдери) –*** *белгилүү бир иш-чараларды ишке ашырууда, тиешелүү бюджеттерди толтуруунун кошумча булагы катары эсептеле турган мүмкүнкүнчүлүккө ээ кошумча каражаттар.*

***Финансылык жана башка ресурстарды рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдалануу (бюджеттин жоготуулары) –*** *белгиленген максатына жетпестен жана рационалдуу эмес пайдаланылган жана/же өз убагында чаралар көрүлбөгөндүгү үчүн, тиешелүү бюджеттерге келип түшпөгөн орто эсеп менен белгиленген суммалар.*

***Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар –*** *бул, акчалай эквивалентте көрсөтүлбөгөн, укуктук ченемдик жана башка актылар менен белгиленген финансылык жана башка ресурстарды түзүүнүн, аларды бөлүштүрүүнүн жана пайдалануунун, бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн белгиленген тартиптеринин жол-жоболорун бузуулар.*

## Финансылык тартипти бузуулар

*1-таблица. Финансылык тартипти бузуулардын жыйынтыгы (млн сомдо)*


| | **Аныкталды** | **Калыбына келтирилди** | *Анын ичинен:* | |
|---|---|---|---|---|
| | | | *Бюджет боюнча* | *Бухгалтердик эсеп боюнча* |
| **Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон финансылык тартип бузуулар** | **10 768,5** | **4 031,1** | 2 195,0 | 1 836,1 |

**Түрлөрү боюнча финансылык тартип бузуулар:**

**1. <u>Бюджеттердин тиешелүү долбоорлорун түзүүдө жана кароодо (пландоодо) кетирилген бузуулар</u>**

Классификациянын бул түрү боюнча финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы **11,3 млн сомду түзгөн.**

*1-диаграмма*




1-диаграммада көрсөтүлгөндөй, 80% финансылык тартип бузуулар же 8 968,3 миң сом, жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттердин

жыйынтыктары боюнча аныкталган. Алардын ичинен негизги бөлүгү төмөндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аныкталган: Өзгөн районунун Жазы айыл өкмөтү – 2 337,3 миң сом, Кара-Суу районунун Нариман айыл өкмөтү – 1 181,1 миң сом, Ноокен районунун Масы айыл өкмөтү – 1 181,1 миң сом. Негизинен, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду тарабынан пайдаланууну пландоо бөлүгүндө (ижарага берүү, дебиторлор менен иштөө ж.б.у.с.) бузууларга жол берилген.


Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук мекемелеринде аныкталган бузуулар, 896,8 миң сом суммасындагы атайын эсептерди пайдаланууда жана алардын бюджеттерин пландоодо кетирилген кемчиликтер менен байланыштуу.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикте жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, “Мамлекеттик лотерея компаниясы” МИде “Лотереялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен байланыштуу, 610,5 миң сом аныкталган.

## 2. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун жана мамлекеттик катышуу үлүшү чоң чарба жүргүзүүчү субъекттердин бюджеттерин аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер

Бюджеттерди аткарууда финансылык тартипти бузуулардын жалпы суммасы **7 356,8 млн сомду** түзгөн. Классификациянын бул тобу боюнча бузуулар финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасынан 70 пайызга жакынын түзөт, тактап айтканда, тиешелүү бюджеттерди аткарууда жол берилген.

*2-диаграмма*




2-диаграммада көрүнүп тургандай, бюджеттерди аткарууда бузуулардын олуттуу үлүшүн (37%), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде аныкталган бузуулар түзөт – 2 726,5 млн сом, алардын ичинен негизги бөлүктү - 2 000,0 млн сом түзөт, ал Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде белгиленген ченемдер жок туруп, айрым бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр

тарабынан атайын эсептерден республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө чегерилген.

Бишкек шаарынын мэриясында аныкталган негизги төмөндөгү бузуулар:

– республикалык бюджеттин максаттуу трансферттеринин эсебинен, республикалык бюджеттен алынган бюджеттик ссуда боюнча 744,0 млн сом суммасында карызды төлөө, бул Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин бузуу болуп эсептелет;

– ижара акысы боюнча 319,8 млн сом суммасындагы карызды жашырууга жана ижара акысы боюнча мөөнөтү өткөн күндөр үчүн 58,1 млн сом суммасындагы туумду мыйзамсыз чегербөөгө жол берилген, бул 681 ижарачы тарабынан ижара мамилелеринин мөөнөтү өткөндөн кийин жер участкаларын мыйзамсыз пайдаланууга алып келген.

“Кыргызалтын” ААКсында аныкталган финансылык тартип бузуулар жөнүндө маалымат “кызматтык колдонуу үчүн” грифинде болгондуктан, маалыматтар тиешелүү мыйзам тартибинде гана берилиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду – бузуулардын негизги бөлүгүн 349,4 млн сом түзөт, ал Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына каршы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун эсептеринде сакталган, ченемден ашык трансферттер.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган олуттуу бузуулар – 211,1 млн сом суммасындагы каражаттарды чегерүү боюнча Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун алдындагы Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун милдеттемелерин аткарбоо фактысы.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде аныкталган негизги бузуулар, төмөндөгүлөр менен байланыштуу:

- эмгек акыны төлөө – 99,2 млн сом суммасында;
- окуу жайларынан чыгарылган, гранттык негизде окуган студенттердин окутууга чыгымдалган бюджеттик каражаттар – 32,1 млн сом;
- дебитордук карызды эсепке алуу – 30,6 млн сом;
- бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 27,5 млн сом;
- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору - 14,1 млн сом.


Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аныкталган ири бузуулар:

- Ала-Бука районунун Көк-Таш айыл өкмөтү – 45,3 млн сом (курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу – 24,5 млн сом; негизги каражаттарды кезектеги жана капиталдык оңдоо иштерине каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар - 20,8 млн сом);
- Кадамжай районунун Майдан айыл өкмөтү (ижара акыларын эсепке алуу боюнча) – 17,1 млн сом;
- Өзгөн районунун Жалпакташ айыл өкмөтү (“Жер казынасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин бузуу) – 16,6 млн сом;
- Ала-Бука районунун Көксерек айыл өкмөтү (курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу) – 16,4 млн сом.

**3. <u>Мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кем чыгуулар</u>**

Мүлктү колдонуудагы каржы бузууларынын жана кем чыгууларынын жалпы суммасы **1 203,7 млн сомду** түзгөн.

*3-диаграмма*




Классификациянын бул түрү боюнча бузуулардын 782,5 млн сом суммасындагы (65%) негизги үлүшүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган бузуулар ээлейт, алардын ичинен олуттуу болуп, балансты к эсепке кириштелбеген 567,0 млн сом суммасындагы мүлк эсептелет. Бул бузуулар төмөндөгү аудит субъекттеринде аныкталган:

- Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү – 315,3 млн сом;
- Карасуу районунун Сары-Колот айыл өкмөтү – 89,6 млн сом;
- Өзгөн районунун Төрткөл айыл өкмөтү – 77,1 млн сом;
- Жети-Өгүз районунун Тамга айыл өкмөтү – 33,5 млн сом;
- Өзгөн районунун Жазы айыл өкмөтү – 25,9 млн сом;
- Жети-Өгүз районунун Барскоон айыл өкмөтү – 25,6 млн сом.

Ысык-Көл областынын өнүктүрүү фондунда 157,9 млн сом суммасында бузуулар аныкталган. Негизги бузуулар – Фонддун балансты к эсебинен чыгарылып, бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында балансты к эсепке кириштелбеген мүлктөр – 149,7 млн сом.

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине жүргүзүлгөн аудитте, бул топ боюнча 53,8 млн сом суммасында бузуулар аныкталган. Бузуулардын олуттуу бөлүгү "Жаратылышты өнүктүрүү фонду" КФда аныкталган – 38,4 млн сом (гранттык каражаттарды бузуулар менен пайдалануу – 30,1 млн сом; акча каражаттарынын кем чыгуусу – 8,3 млн сом), ошондой эле "Кыргызгеология" Мамлекеттик ишканасында – 7,8 млн сом (мүлктү ижарага берүүдө бузуулар).

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде аныкталган бузуулар 42,4 млн сомду түзгөн, ал жерде, бузуулардын негизги үлүшүн, же Министрликтин ведомстволук мекемеси – "Алтын Балалык" ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунда" аныкталган бузуулар 33,7 млн сомду түзгөн. Бул бузуулар имаратты куруу жана оңдоого багытталган чыгымдарды

капиталдаштыруунун жоктугу менен байланыштуу.

Бузуулардын бул түрү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде 33,4 млн сом бузуулар аныкталган, анын ичинен, Министрликтин ведомстволук мекемеси – “Жетим балдар үйү “Жоомарт Бөкөнбаев атындагы окуу-тарбиялоо комплексинде” 22,1 млн сом аныкталган (негизги каражаттарды кайрадан баалоо).

**4. <u>Эсеп жана отчёттуулук тартибинин бузуулары</u>**

Классификациянын бул тобу боюнча финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы **2 123,3 млн сомду** түзгөн.

*4-диаграмма*




4-диаграммага ылайык, бул категория боюнча бузууларды “Кыргызалтын” ААКсында жана анын филиалы “Макмалалтында” аныкталып, 926,1 млн сомду түзгөн бузуулар ээлейт.

“Кыргызалтын” ААКсында аныкталган финансылык тартип бузуулар жөнүндө маалымат “кызматтык колдонуу үчүн” грифинде болгондуктан, маалыматтар тиешелүү мыйзам тартибинде гана берилиши мүмкүн

Ош шаарынын мэриясында аныкталган бузуулар 251,6 млн сомду (12%) түзгөн, ал жерде олуттуу бузуулар болуп, 218,8 млн сом эсептелет, ал Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасында аныкталган ашырылган кредиттик карыз.

Эсеп жана отчёттуулук тартибинин бузууларынын көлөмү боюнча кийинкиси, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган, алардын суммасы 251,6 млн сомду (11%) түзгөн. Анын ичинен, олуттуулары төмөндөгү аудит субъектилеринде аныкталган:

- Жумгал районунун Жаңы-Арык айыл өкмөтү – 72,1 млн сом;
- Өзгөн районунун Кызылтоо айыл өкмөтү – 42,3 млн сом;
- Ак-Суу районунун Челпек айыл өкмөтү – 15,8 млн сом;
- Чаткал районунун Каныш-Кыя айыл өкмөтү – 12,0 млн сом;
- Кочкор районунун Кочкор айыл өкмөтү – 11,2 млн сом.

“Кыргыз темир жол” Улуттук компаниясы” МИде 94,9 млн сом бузуулар аныкталган, бул категориялар боюнча бузуулардын жалпы суммасынан 4 пайызды түзгөн. Темир жолдорду капиталдык оңдоо боюнча 46,5 млн сомго чыгымдарды

капиталдаштыруу жүргүзүлгөн эмес жана 39,0 млн сомдук дебитордук карызды эсепке алуу боюнча иштер талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу бузуулар аудит тарабынан аныкталган.

2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызмат тарабынан 91,0 млн сомго кредиттик карызды ашыкча эсепке алгандыгы боюнча бузуулар.

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинде аныкталган 91,2 млн сомго эсеп жана отчёттуулук тартибинин бузууларынын ичинен, негизги бөлүгү же 88,6 млн сом Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда аныкталган.

## 5. <u>Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуулар</u>

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамын бузуулары боюнча калыбына келтирилүүгө тийиш болгон суммасы 72,6 млн сомду түзгөн.

Бузуулардын жалпы суммасында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине жүргүзүлгөн аудитте аныкталган 68,8 млн сом суммасы 95%ды ээлейт. Бул бузуулар, мөөнөтү өткөн дебитордук карыздар болгонуна карабастан, сатып алууларды өткөрүү менен байланыштуу бузуулар. Дебитордук карыз болуп туруп жана аткарылган иштердин актылары жок туруп каржылоо, Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине караштуу Курулуш жана инженердик инфраструктура департаментинин бардык бөлүмдөрү боюнча дебитордук карыздын өсүшүнө алып келген. Бул өз кезегинде, бюджеттин каражаттарынын кайтарымсыз жоготуу тобокелдигин түзөт. Ошондой эле, “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча каржылоо, 2021-жылдын IV кварталында кыш мезгилинде, курулуш иштери токтогондо (октябрда – 53,3 млн сом, ноябрда – 32,5 млн сом, декабрда – 19,5 млн сом), же аткарууга кыйын болгон учурда 105,3 млн сом суммасында жүргүзүлгөндүгүн, белгилей кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жүргүзүлгөн аудитте аныкталган 2 570,6 миң сом бузуулар же бузуулардын жалпы суммасынан 3%ды ээлейт. 1 554,9 миң сом суммасындагы анын негизги бөлүгү, кымбат баалуу медициналык буюмдарды жана медикаменттерди жеткирүү боюнча келишимдерди өз убагында аткарбагандыгына байланыштуу бузуулар. Келишимге ылайык, жабдуучу товардын мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн жооп берет жана келишим баасынан 5%га чейин, ар бир мөөнөтү өткөн күнгө 0,1% өлчөмүндө туумду сатып алуучуга төлөйт. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, сатып алуу процессин контролдоо төмөн деңгээлде жүргөндүктөн, өз убагында жеткирбегендикке алып келген. Аудит тарабынан жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн, жабдуучуларга карата 1 554,9 миң сом айып пул эсептелген.

6. **Ченемдик-укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин ченемдеринин жол-жоболорунун бузулушу жана коллизиялар**

Ченемдик-укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин ченемдеринин жол-жоболорунун бузулушуна байланыштуу бузуулардын жалпы суммасы **895,9 миң сомду** түздү. Аталган топтогу бузуулардын негизги бөлүгү – бул милдеттүү төлөмдөрдүн бюджетке чегерилбегендигине жана эмгек акыны төлөөгө (депонирлөөгө) байланыштуу бузуулар.

**Тийиштүү бюджеттерди толтуруунун кошумча булактары (бюджеттин резервдери)**

Эсептөө палатасы тарабынан 2023-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын, эксперттик-аналитикалык иштин жыйынтыгы боюнча тийиштүү бюджеттерди толтуруунун кошумча мүмкүнчүлүктүү булактары (бюджеттин резервдери) **186 055,0 млн сом** суммасында белгиленген, бул сумма финансылык тартип бузуулардын категориясына кирбейт, бирок айрым иш-чараларды ишке ашыруунун натыйжасында тийиштүү бюджеттерге мобилизацияланчу каражаттар. Аталган эксперттик-аналитикалык иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча тийиштүү сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Министрлер Кабинетине, Финансы министрлигине жана башка тийиштүү мамлекеттик органдарга жана чарба жүргүзүүчү субъекттерге жөнөтүлгөн.

*2-Таблица. Тийиштүү бюджеттердин резервдери (млн сом)*

| № | Аудит субъектиси | Аныкталды | % |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы | 139 400,0 | 74,9 |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (2022-ж. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы) | 33 639,0 | 18,1 |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду | 4 549,7 | 2,4 |
| 4 | “Кыргызалтын” ААК | 4 490,5 | 2,4 |
| 5 | Бишкек шаарынын мэриясы | 2 669,5 | 1,4 |
| 6 | Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик | 863,3 | 0,5 |
| 7 | Жергиликтүү бюджеттер | 303,6 | 0,2 |
| 8 | “Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы | 139,4 | 0,1 |
| | **Бардыгы** | **186 055,0** | **100** |

***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы боюнча:***

№2-таблицадан көрүнүп тургандай, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча республикалык бюджетти **139 400,0 млн сомго** толтуруунун кошумча мүмкүнчүлүктүү булактары белгиленген. Көрсөтүлгөн сумманын 79 400,0 млн сому бюджеттин мүмкүнчүлүктүү резервдери катары каралат, ал өлкөдөгү көмүскө экономика жана Мамлекеттик салык кызматынын, Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарынын дал келбестиги жана салыктык текшерүү актылары боюнча салыктардын жеткире түшпөгөндүгүнө байланыштуу. Бул резервдер болжолдоо методикасын колдонуу менен эсептелген, ал көпчүлүк

салыктардын (жыйымдардын, төлөмдөрдүн) ИДПнын өзгөрүшү менен өз ара байланышын жана салыктын жана салыктык базанын экономикалык мазмунунан улам башка экономикалык көрсөткүчтөр менен өз ара байланышты карайт, анда олуттуу резервдердин бар экендигин көрсөткөн.

Мисалы, жеке киреше салыгы боюнча резервдер регрессиялык талдоо методу менен эсептелген, анда база катары калктын акчалай кирешеси жана орточо эмгек акысынын көрсөткүчтөрү колдонулган. Киреше салыгы боюнча резервдер Улуттук статкомдун дүң кошумча нарк жана экономиканын салык салынуучу тармактарындагы рентабелдүү ишканалардын кирешеси, экономиканын реалдуу жана финансы секторундагы ишканалардын ишинин жыйынтыгы тууралуу маалыматтарынан улам аныкталган. Кошумча нарк салыгы боюнча резервдер үч багыт боюнча аныкталган – 2021-жылдын иш жүзүндөгү көлөмүн ИДПнын номиналдык өсүү темпине индексациялоо; алмашуу курсуна түзөтүлгөн импорттун көлөмү; макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүсүнө индексацияланган салык статистикасынын маалыматы боюнча жыйынтык көрсөткүчтөр боюнча.

Ошондой эле, акыркы жылдары салыктык жеңилдиктерди жана бошотууларды берүүнүн өсүү тенденциясы байкалууда. Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык айрым салык төлөөчүлөргө берилген салык жеңилдиктери 2022-жылдын жыйынтыгы менен болжолдуу баалоо тартиби боюнча ИДПдан 6,5%ды, же 60,0 млрд сомду түзгөн. 2016 жана 2022-жылдары бул салыктык жеңилдетүүлөр жана бошотуулар баалоо тартиби боюнча 22,6 млрд сомдон, же ИДПга 4,8% түзүп, 2022-жылы 60,0 млрд сомго жетип, же ИДПга 6,5%га жетип, 2 эсеге өскөн. 2022-жылга берилген салыктык жеңилдетүүлөргө жана бошотууларга жүргүзүлгөн талдоолор көрсөткөндөй, КНС боюнча берилген салыктык жеңилдетүүлөр жана бошотуулар бардык жеңилдиктердин көпчүлүк үлүшүн ээлеп, 42,2%ын түзөт, андан соң сатык салыгы – 28,4%, жеке киреше салыгы – 21,5%, киреше салыгы – 6,5% жана мүлк салыгы – 1,4%.

Жогорудагыларды эске алуу менен Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2023-жылдын 14-августундагы №106 буйругу менен түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу тобуна берилген салыктык жеңилдиктердин экономиканын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин тактап иликтеп чыгууну, мындан ары натыйжасыз салыктык жеңилдиктерди читтетүү жана убакыттын өтүүсү менен айрым жеңилдиктердин берилген мөөнөтүн чектөөнү сунуштаган.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги боюнча: (Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы)***

Аудиттин жыйынтыгы боюнча, республикалык бюджетти **33 639,0 млн сомго** толтуруунун кошумча мүмкүнчүлүктүү булактары белгиленген, ал 2022-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудит алкагында белгиленген.

Аталган резервдердин негизги үлүшүн 32 365,5 млн сом түзөт, ал – Бирдиктүү казыналык эсепке чегерилбестен пайдаланылган тышкы каржылоо каражаттары.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 17-беренесине ылайык, милдеттенмелерди кабыл алуунун натыйжасындагы түшүүлөр дагы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ресурстары болуп саналат жана аталган Кодекстин 20-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, ички жана тышкы булактардан карызга

алуулардан түшкөн акчалай каражаттар, милдеттемелерди кабыл алуу менен байланышкан операциялардан түшүүлөр болуп саналат. Демек, мамлекеттик инвестициялардын каражаттары республикалык бюджеттин ресурстары болуп саналат.

Ошол эле учурда, эл аралык келишимдер болуп саналган мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун каржылоо жөнүндө макулдашуулар тышкы каржылоо боюнча каражаттарды Бирдиктүү казыналык эсепке которбоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын түз милдеттенмелерин камтыбайт.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин өзүн-өзү каржылоодогу жана мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүчү ведомстволук түзүмдөрү тарабынан коммерциялык банктарда эсептери жабылган эмес жана бирдиктүү казыналык эсепке 1 071,5 млн сомго бюджеттин бардык ресурстарын чегерүү жүргүзүлгөн эмес.

***Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду боюнча***

Аталган субъектидеги аудиттин жыйынтыгында, ММК Фондунун бюджетинин **4 549,7 млн сомго** кошумча булактары белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Электрондук саламаттык сактоо борборунун маалыматы боюнча:

2023-жылдын 1-январына карата республика боюнча Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна жазылган калктын саны 6 643,0 миң адамды түздү, анын ичинен ММК боюнча камсыздандырылгандар 4 722,0 жаранды түзөт, бул катталган калктын жалпы санынын 71,1%ын түзөт.

Мисалы, аталган көрсөткүч Россия Федерациясында – 96%, Казакстан Республикасында – 84%, ГФРда – 98%.

Кыргыз Республикасында камсыздандырылбаган жарандарынын саны 1 762,2 миң адамды түзөт. Эгерде алар ММК полисин алышса, ММКнын кошумча түшүүлөрүнүн суммасы 3 034,5 млн сомду түзөт (учурдагы ММК полисинин наркы менен санасак – Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн 1 календардык жылга 1722 сом).

Мындан тышкары, республиканын билим берүү мекемелеринде окуган чет элдик студенттердин саны болжол менен 70 миңге жакын. Бул категориядагылар ММК полисин алышса, ММКнын кошумча түшүүлөрүнүн суммасы 1 147,4 млн сомду түзөт (Кыргыз Республикасындагы чет элдик жарандар жана Кыргыз Республикасындагы билим берүү уюмдарында окуган жактар үчүн 1 календардык жылга ММК полисинин наркын – 16 391 сом).

***“Кыргызалтын” ААК боюнча***

“Кыргызалтын” ААКсында аныкталган финансылык тартип бузуулар жөнүндө маалымат “кызматтык колдонуу үчүн” грифинде болгондуктан, маалыматтар тиешелүү мыйзам тартибинде гана берилиши мүмкүн

***Бишкек шаарынын мэриясы боюнча***

Бишкек шаарынын муниципалитетине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 2 669,5 млн сом (1,4%) аныкталган. Бул төмөндөгүдөй резервдер:

– 2 522,0 млн сом – көп квартиралуу үйлөрдү курууга жер тилкелерин берүүдө Бишкек шаардык кеңешинин 2003-жылдын 9-июлундагы №189 “Бишкек шаарында

ижара шартында жер участокторун мөөнөттүү убактылуу пайдаланууга берүүнүн тартиби жөнүндө” жана 2011-жылдын 20-декабрындагы №288 “Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна акы төлөнүүчү ижара укуктарын берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” токтомдорунун 6.5 жана 62-пункттарын бузуу менен, жер тилкелери турак жана турак эмес жайлардын бөлүгүн муниципалдык менчикке берүү боюнча конкурстун милдеттүү шарттарын киргизбестен, ижарага берилген. Мындай келишимдер 135 ижарачы менен түзүлгөн. Мындан улам муниципалдык менчик объектилерин жоготуулары – 294 300 чарчы метр, же 220,7 млн АКШ долларын, же 1 чарчы метр үчүн орточо баа – 750 АКШ доллары болгондо, акчалай түрүндө 2 522,0 млн сомду түзгөн;

– Бишкек шаарынын аймагынан жеке жактар боюнча таштандыларды чыгаруудан жыйымдардан жергиликтүү бюджеттин кирешесинин резерви 108,0 млн сомду түзөт (турак үйдүн, батирлердин жана башка турак-жай имараттарынын жана курулуштарынын ар бир тургунуна эсептик көрсөткүчтөн 25% өлчөмүндө).

– “Дордой” базарынын жанында жайгашкан аянты 6,5 гектар муниципалдык тилке, унаа токтотуучу жай катары пайдаланылат, ошол эле учурда тилкенин дээрлик жарымынан ашыгы пайдаланылбай калууда. Бишкек шаарынын бош жерлерин унаа токтотуучу жайларга ижарага берүүдөн бюджеттик резерви болжол менен жылына 39,5 млн сомду түзөт.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик боюнча***

Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик боюнча резервдер 863,3 млн сомду, же 0,5% түздү. Резервдердин негизги бөлүгү Кыргыз Республикасынын 2020-2022-жылдарга мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасын аткарууга байланышкан. Менчиктештирүү объектилеринин тизмеси Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 25-июнундагы №3966-VI Токтому менен бекитилген, 2022-жылы менчиктештирүүдөн болжолдонгон киреше – 800,0 млн сом болсо, түшүүлөр 137,8 миң сомду түздү. Менчиктештирүү программасы укук белгилөөчү документтер (мамлекеттик акт, техникалык паспорт) жана менчиктештирүү программасына киргизилген менчиктештирилүүчү объектилердин башка документтери өз убагында таризделбегендигине байланыштуу аткарылган эмес.

***Жергиликтүү бюджеттер боюнча***

303,6 млн сом – бул жергиликтүү бюджеттердин резервдери. Анын негизги бөлүгү турак-жай коммуналдык чарба муниципалдык ишканаларынын иштешине байланыштуу.

***“Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы» Мамлекеттик ишканасы боюнча***

“Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасындагы резервдер 139,4 млн сомду түзгөн. Резервдердин негизги бөлүгү – бул, эсептен чыгарылган тепловоздор менен байланышкан резервдер. Иштебеген тепловоздор "Запастын” базасында жайгашкан жана 2–30 жылга чейин иштебестен турушат. Бир тепловоздун минималдуу наркы ломго өткөргөн учурда 5 159,5 миң сомду түзөт, же жалпы резерв 67,8 млн сомду түзгөн. Ошондой эле 71,6 млн сом суммасындагы дебитордук карызга байланыштуу резервдер бар. Акыркы жылдары “Кыргыз темир

жолу” Улуттук компаниясы” МИнин тийиштүү кызматкерлеринин бул багыттагы жөндөмсүз ишинен улам, дебитордук карыздардын көбөйүшүнө жол берилген.

## Рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылган финансылык жана башка ресурстар (бюджеттин жоготуулары)

Эсептөө палатасы тарабынан 2023-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын алкагында **38 626,7 млн сом** суммасында рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылган финансылык жана башка ресурстар (бюджеттин жоготуулары) аныкталган, бул – өз учурунда чаралар көрүлбөгөндүктөн жана/же белгиленген максатына жетпестен, каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануудан улам, тиешелүү бюджетке келип түшпөгөн суммалар. Көрсөтүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Министрлер Кабинетине жана башка тиешелүү мамлекеттик органдарга жана чарба жүргүзүүчү субъектилерге сунуштар, жазма буйруктар жана сунуштамалар жөнөтүлгөн.

*3-таблица. Рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылган ресурстар (бюджеттин жоготуулары)*

*(млн сомдо)*

| № | Аудит субъектиси | Аныкталды | % |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (2022-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы) | 17 873,8 | 46,3 |
| 2 | “Кыргызалтын” ААКсы | 11 217,2 | 29,1 |
| 3 | “Кыргызиндустрия” ААКсы | 3 557,9 | 9,2 |
| 4 | Бишкек шаарынын мэриясы | 1 091,9 | 2,8 |
| 5 | Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги | 1 004,6 | 2,6 |
| 6 | “Кыргызтелеком” ААКсы | 581,8 | 1,5 |
| 7 | Жана башкалар | 3 299,5 | 8,5 |
| | **БАРДЫГЫ** | **38 626,7** | **100** |

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги боюнча (Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы)***

Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин алкагында республикалык бюджеттин жоготуулары 17 873,8 млн сом суммасында (45,3%) аныкталган.

12 177,2 млн сом – бул, бюджеттин чыгымдар бөлүгүн туура эмес пландаштыруу. Алсак, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы № 855 токтому менен бекитилген, Ички инвестициялык долбоорлордун тизмесин иштеп чыгуу жана техникалык-экономикалык негиздемелерин, тандоо, ишке ашыруу жана түзүүнү кароо тартибин бузуу менен, “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча курулуш тизмесине 2 655,5 млн сом суммасындагы 46 жаңы курулуш объектиси киргизилген, ал эми Мамкурулуш агенттигинин алдындагы Турак жай-жарандык курулуш департаментинин маалыматы боюнча 01.01.2022-жылга карата жалпы капиталдык курулуштун көлөмү менен, 9 194,6 млн сом суммасындагы курулушу аяктабаган 731 объект бар. Натыйжада, жыл сайын жаңы объектилердин курулушу башталып, ошол эле учурда аяктабаган курулуштар каржылоосуз калып, жараксыз

абалга келип жаткан абал жаралууда.

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан үстүбүздөгү жылга капиталдык салымдар объектилерин каржылоо тизмесине керектүү сумманын 1-5%ын түзгөн каражаттар киргизилип, ал курулушту жыйынтыктоого жетишсиз болуп саналат, натыйжада, бюджеттик каражаттарды чачуу жана аларды натыйжасыз чыгымдоо келип чыгууда. Мамкурулуш агенттигинин алдындагы Турак жай-жарандык курулуш департаментинин маалыматы боюнча, 118 объект узакка созулган курулуш болуп саналат, алардын курулушу 2003-жылдан 2016-жылга чейин башталган, аларды аяктоого 2 982,6 млн сом керектелет.

2022-жылдын ноябрында 52,0 млн АКШ доллары валютасында 10 жылдык мөөнөткө мамлекеттик казналык облигациялар (МКО) чыгаруу жолу менен ички карыз алуу тартылган, бул кийинчерээк аларды төлөөнүн натыйжасында республикалык бюджетке (курстук айырмадан улам) кошумча жүктү алып келет.

Ички карыз алууну улуттук валютада ишке ашырууда мындай тобокелдик болбойт, анткени, инфляцияны жана девальвацияны эске алуу менен, долларлык МКОнун пайыздарын жана номиналдык наркын төлөөдө, ички карызды тейлөөгө кеткен чыгашалар олуттуу түрдө көбөйөт жана кошумча бюджеттик каражаттарга муктаждык пайда болот. Тактап айтканда, аудит жүргүзүү учурунда АКШ долларынын курсунун ай сайын өсүшүн эсепке алганда, карызды жоюуда аталган МКОнун номиналдык нарктан жогорулашы 3 612,0 млн сомду түзүп, ал эми пайыздарды эсепке алганда – 4 057,5 млн сомду түзөт.

***“Кыргызалтын” ААКсы боюнча***

“Кыргызалтын” ААКсында аныкталган финансылык тартип бузуулар жөнүндө маалымат “кызматтык колдонуу үчүн” грифинде болгондуктан, маалыматтар тиешелүү мыйзам тартибинде гана берилиши мүмкүн

***“Кыргызиндустрия” ААКсы боюнча***

3 514,4 млн сом (9,2%) – бул, “Кыргызиндустрия” ААКсында аныкталган бюджеттин жоготуулары. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341 токтому менен бекитилген, “Кыргызиндустрия” ААКсынын Уставынын 86-пунктунун 10-бөлүгүн жана 94-пунктун бузуу менен, бирден бир акционер болуп саналган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимисиз, Коомдун Президенти тарабынан биргелешкен ишканаларды түзүү боюнча Коомдун активдеринин балансттык наркынан 50 жана андан ашык пайызын түзгөн ири келишимдер түзүлгөн.

***Бишкек шаарынын мэриясы боюнча***

Бишкек шаарынын 2021-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүү алкагында жергиликтүү бюджеттин жоготуулары 1 091,9 млн сом (3,2%) суммасында аныкталган. Алардын ичинен эң ирилери төмөндөгүлөр:

– эмгек акынын негизсиз төлөнүп берилишине байланыштуу – 395,4 млн сом, анын ичинде республикалык бюджеттен каржылануучу мекемелерди күтүүгө жергиликтүү бюджеттин 245,2 млн сом суммасын негизсиз чыгымдоо;

– Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, капиталдык салымдар боюнча социалдык жана экономикалык долбоорлордун мааниси эске алынган бюджеттик инвестициялардын артыкчылыктуу долбоорлорду тандоо критерийлерин бекитүүсүз жана жергиликтүү бюджеттен каржыланган капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык

долбоорлордун тизмесин түзүү, макулдашуу, бекитүү жана ишке ашыруу боюнча ченемдик-укуктук актылар жок туруп, 2021-жылга жалпы суммасы 249,5 млн сомго капиталдык салымдар боюнча титулдук тизме бекитилген

– Шаардык чарба департаменти менен түзүлгөн келишимге ылайык, оңдоо жана көрктөндүрүүгө жалпысынан 543,5 млн сом бөлүнгөн (капиталдык оңдоого - 353,5 млн сом, субсидияларга - 190,0 млн сом), иш жүзүндө 400,1 млн сомго жумуш аткарылган (капиталдык ремонт 219,0 млн сом, субсидиялар 181,1 млн сом) банктагы калдык 14,4 млн сом. Ал эми 129,0 млн сом өлчөмүндөгү айырма негизсиз түрдө башка максаттарга коротулган, анын ичинде эмгек акыга - 21,8 млн сом, соттук чечимдер боюнча кредиттик карыздарды жана башка кредиттик милдеттемелерди жабууга - 97,8 млн сом, мамлекеттик алымдарга, айып пул жана туумдарга - 4,0 млн сом жана башка операциялык чыгымдарга 5,4 млн сом;

– "Тазалык" МИнин муниципалдык заказ боюнча аткарылган иштердин иш жүзүндөгү көлөмү - 611,1 млн сомду, каржылоо 569,9 млн сомду түзгөн. Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык чарба башкармалыгы тарабынан каржылоо булактары аныкталбаган жумуштарга оозеки буйруктар чыгарылып, натыйжада, катуу тиричилик калдыктарын алып чыгууга жумшалууга тийиш болгон каражаттын эсебинен 41,2 млн сом өлчөмүндө каржылоо жүргүзүлгөн;

– 8 650,0 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттарды жеке куруучунун көп батирлүү турак жайын жылуулук энергиясы менен камсыздоо үчүн жеке газ отканасын курууга, ошондой эле балансқа 2 жеке отканаxы кабыл алууга байланыштуу жергиликтүү бюджеттен 40,1 млн сом өлчөмүндө субсидиялар негизсиз бөлүнгөн;

***Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги боюнча***

Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде рационалдуу эмес жана натыйжасыз колдонулган ресурстар 1 004,6 млн сомду (2,6%) түзгөн.

Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №110-т тескемесине жана Транспорт жана коммуникациялар министринин орун басарынын колу коюлган, 18.03.2022-жылдагы №92 "БНД 60/90 маркасындагы жол битумун ташууга келишим түзүү жөнүндө" буйругуна ылайык, ЖЧШ "КазахБитум" өндүрүш заводу менен жалпы суммасы 14 479,4 миң АКШ долларындагы 20,0 миң тонна БНД 60/90 маркасындагы битумду ташуу боюнча 18.03.2022-жылдагы №03/22-21 келишим түзүлгөн. 2022-жылдын ошол эле айларында ЖЧШ "КазахБитумдун" жеткирүү бааларына салыштырма талдоо көрсөткөндөй, Жол чарбасы департаментине 16,0 миң тонна көлөмүндөгү битум ЖЧШ "КазахБитумдан" бир топ жогорулатылган баада 5 255,9 миң АКШ долларына, же 445,7 млн сом суммасына алынган.

Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы № 110-т тескемесине жана Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 18.03.2022-жылдагы №92 жана 05.07.2022-жылдагы №240 буйруктарына ылайык, ЖЧШ "КазахБитум" менен БНД 60/90 маркасындагы 4,0 миң тонна битумду жалпы суммасы 2 599,0 миң АКШ долларында жеткирүүгө 28.07.2022-жылдагы №164 келишим түзүлгөн.

"Кыргызавтожол" МИ БНД 60/90 маркасындагы битумду ЖЧШ "КазахБитумдан" 624-654 долларга чейинки баада алса, "СУ-4 Кара-Балта" ЖАКы 2022-жылдын апрелинде ЖЧШ "КазахБитумдан" тоннасын 345 АКШ доллары баасында алган. Мында, бааны ашыруу бир тоннасына - 299-309 АКШ долларды, же жалпысынан 1 219,6 миң АКШ долларын түзгөн. Ушундай эле, БНД 60/90 маркасындагы битумду

сатып алуу бааларына жүргүзүлгөн талдоо, “Россбитум” башка субъектилерге жеткирүүдө баалар боюнча 332 АКШ долларынан 335 АКШ долларына чейинки олуттуу айырмачылыктарды көрсөттү.

“Кыргызавтожол” МИдеги баалардын жогорулатылышы ЖЧК “Россбитумдан” сатып алган жогоруда аталган субъектилерге салыштырмалуу, бир тоннасына - 309-364 АКШ долларын, жалпысынан 1 271,0дөн 1 437,3 АКШ долларына чейинки сумманы түзгөн (же болжол менен 109,4 млн сом). Аудиттин жыйынтыгы боюнча бул материалдар Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине жөнөтүлгөн.

Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 06.02.2007-жылдагы буйругунун, 17.05.2007-жылдагы келишиминин жана 2007-жылдын 22-майындагы өткөрүп берүү актысынын негизинде, ТУ-154М учагы техникалык жактан оң абалда “Кыргызстан авиакомпаниясы” ААКсына акысыз негизде берилген, баштапкы баланстык наркы 54,2 млн сом болгон ТУ-154М учагы “Эйр Кыргызстан” ААКсы тарабынан 11 жыл акысыз пайдаланылган соң, Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин балансында иштебеген, комплекттелбеген абалда турат.

Ошол эле учурда, Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан ТУ-154М учагына байланыштуу маалымат, Кыргыз Республикасынын Транспорттук прокуратурасына аба кемесин пайдалануу боюнча келишимдин талаптагыдай аткарылбагандыгына жол берген кызмат адамдарына чара көрүү жана аны тийиштүү техникалык абалга келтирүү өтүнүчү менен жөнөтүлгөн.

***“Кыргызтелеком” ААКсы боюнча***

“Кыргызтелеком” ААКсында сарамжалсыз жана натыйжасыз колдонулган ресурстар 581,8 млн сомду (1,5%) түзгөн. Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, 2018-2022-жылдары кызматкерлерге 327,9 млн сом суммасында социалдык кошуп төлөө негизсиз чегерилип жана төлөнүп берилген; Эксимбанктан (Корея Республикасы) 1998-жылы алынган кредит боюнча карыз, 2023-жылдын 1-июнуна карата 193,1 млн сомду түзгөн, анын ичинен мөөнөтү өткөн карыз – 126,6 млн сом. “Мектеп” долбоору менен алынган бюджеттик кредит боюнча мөөнөтү өткөн карыз 96,9 млн сомду түзгөн (анын ичинен негизги сумма – 93,8 млн сом, пайыздары - 331,9 миң сом, айып пулдар – 2,8 млн сом).

## Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин каражаттарын (бюджеттик жана атайын эсептин каражаттары), мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү, чет элдик кредиттерди жана гранттарды, бюджеттик кредиттерди жана чарба жүргүзүүчү субъекттерге берилген зайымдарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кепилдиги алдында тартылган кредиттерди жана зайымдарды негизсиз пайдаланууга алып келбеген жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар.

Жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасы тарабынан, жол-жоболук мүнөздөгү бузуулардын 1 422 фактысы аныкталган.

*4-таблица. Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар*

| Бузуулардын түрү | Аныкталган учурлардын саны | % |
|---|---|---|
| Бюджеттердин тиешелүү долбоорлорун түзүүдө жана кароодо (пландоодо) кетирилген бузуулар | 72 | 5,1 |
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун жана мамлекеттик катышуу үлүшү чоң чарба жүргүзүүчү субъекттердин бюджеттерин аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер | 208 | 14,6 |
| Мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кем чыгуулар | 91 | 6,4 |
| Эсеп жана отчёттуулук тартибинин бузуулары | 279 | 19,6 |
| Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамын бузуулар | 238 | 16,7 |
| Ченемдик-укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин ченемдеринин жол-жоболорунун бузулушу жана коллизиялар | 534 | 37,6 |
| **Бардыгы** | **1 422** | **100** |

## 2.2. Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 124-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына эки жылда бир жолудан кем эмес аудит жүргүзөт.

Отчёттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан 24 шаардын мэрияларынын жана 384 айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит жүргүзүлгөн.

### *Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы*

24 шаардын бюджеттеринин (анын ичинен: республикалык маанидеги 2 шаар – Бишкек жана Ош; областтык маанидеги 8 шаар – Нарын, Токмок, Талас, Баткен, Жалал-Абад, Таш-Кумыр, Кант, Кара-Балта) түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттер тарабынан калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 1 817,8 млн сом суммасындагы финансылык тартип бузуулары, 4 265,6 млн сом суммасындагы резервдер жана жоготуулар аныкталган.

*5-таблица. Финансылык тартип бузууларынын түрлөрү боюнча түзүм (млн сомдо)*

| Бузуулардын түрлөрү | Суммасы, млн сомдо | % |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун жана мамлекеттик катышуу үлүшү чоң чарба жүргүзүүчү субъекттердин бюджеттерин аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер | 1 520,1 | 83,6 |
| Мүлктү пайдаланууда бузуулар жана кем чыгуулар | 10,5 | 0,6 |
| Эсеп жана отчёттуулук тартибин бузуулар | 286,0 | 15,7 |
| Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамын бузуулар | 0,5 | 0 |
| Ченемдик-укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин ченемдеринин жол-жоболорунун бузулушу жана коллизиялар | 0,7 | 0,1 |
| **Бардыгы** | **1 817,8** | **100** |

### *Айыл өкмөттөрдүн бюджеттеринин аткарылышы*

Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон, финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы – 1 262,6 млн сом, анын ичинен калыбына келтирилгени - 1 035,6 млн сом, бул калыбына келтирилүүгө тийиш болгон суммадан 82%ды түзөт. Аныкталган резервдер жана жоготуулардын жалпы суммасы – 406,4 млн сом.


*6-таблица. Финансылык тартипти бузуулар түрлөрү боюнча (млн сомдо)*

| Бузуулардын түрлөрү | Суммасы, млн сом | % |
|---|---|---|
| Бюджеттердин тиешелүү долбоорлорун түзүүдө жана кароодо (пландоодо) кетирилген бузуулар | 9,7 | 0,8 |
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун жана мамлекеттик катышуу үлүшү чоң чарба жүргүзүүчү субъекттердин бюджеттерин аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер | 220,3 | 17,4 |
| Мүлктү пайдаланууда бузуулар жана кем чыгуулар | 794,3 | 62,9 |
| Эсеп жана отчёттуулук тартибин бузуулар | 238,1 | 18,9 |
| Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамын бузуулар | 0,2 | 0 |
| **Бардыгы** | **1 262,6** | **100** |

## 2.3. Аудит субъектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштамалардын, сунуштардын аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы аудит субъектисине милдеттүү түрдө аткаруу болуп эсептелген жазма буйруктарды берүүгө укуктуу. Эреже катары, жазма буйрук өзүнө финансылык тартип бузууларынын калыбына келтирүүгө тиешелүү суммаларын, ошондой эле каражаттарды чыгымдоодогу аныкталган кемчиликтерди жана ченемдик укуктук актылардагы карама-каршылыктарды четтетүү боюнча сунуштарды камтыйт. Мындан сырткары, Эсептөө палатасы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, жазма буйруктардан сырткары аудит субъектисине тиешелүү сунуштарды жана сунуштамаларды жөнөтөт. Сунуштама – бул, финансылык тартипти бузууга жол бергендиги үчүн күнөөлүү аудит субъектинин жетекчилерине карата, ошондой эле Эсептөө палатасынын талаптары аткарылбаган же аткаруу мөөнөттөрү сакталбаган учурларда чараларды көрүү жөнүндө сунуштар.

*5-диаграмма.*



2023-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча аудит субъектилерине **303 жазма буйруктар, 212 сунуштар** жана **3 сунуштама** жөнөтүлгөн. Жөнөтүлгөн жазма буйруктардын жалпы санынын ичинен толук аткарылгандары – 66 (21,8%), жарым-жартылай аткарылгандары – 106 (35,0%) жана 131 (43,2%) жазма буйрук аткаруу баскычында турат.

Аудит субъектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын талаптагыдай аткарылышына мониторинг жүргүзүү, артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн, ошондой эле аудит жүргүзүү процессине түздөн түз тартылган кызматкерлердин өзгөчө көзөмөлүндө тураарын белгилей кетүү керек. Алсак, аудиттин программасын түзүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча аудит субъектилеринин дарегине жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылышы маселеси эске алынат. Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын Кеңешинин кезектеги отурумдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарын кароо жана отчётторду бекитүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы жөнүндө аудит субъектилеринин жетекчилеринин маалыматы угулат.

Жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган бузуулардын абдан ири суммалары жана жазма буйруктар менен калыбына келтирүүгө тийиш болгондор төмөндөгүлөрдү түзгөн: “Кыргызалтын” ААКсы боюнча – 2 326,6 млн сом; республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Финансы министрлигине жөнөтүлгөн жазма буйрук боюнча – 2 235,6 млн сом жана Бишкек шаарынын мэриясы боюнча – 1 489,7 млн сом же калыбына келтирилүүгө тийиш болгон каражаттардын жалпы суммасынан 56,2%.

Отчёттук жылы аудит субъектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштамаларын аткаруу менен, 87 кызматтагы адамдар тартип жоопкерчилигине тартылган, андан тышкары 31 кызматтагы адам ээлеген кызматынан бошотулган.

## 3. Отчёттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери

### 3.1. Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, бардык олуттуу аспекттерде 2022-жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышы, төмөндө жазылган позициялардан сырткары, мыйзам талаптарына туура келген.

Ошону менен бирге эле, аудиттин жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчёттун (мындан ары – Отчёт) форматынын жана түзүмүнүн толуктугунун

сакталышы камсыз кылынбагандыгы аныкталган.

Отчётто, республикалык бюджетти аткаруудагы объективдүү жана субъективдүү четтөөлөр жөнүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесинде каралган маалыматтар, ошондой эле төмөнкү маанилүү компоненттери камтылган эмес:

– 28,1 млрд сомго Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын тейлөө төлөмдөрү боюнча отчёт;

– 44,1 млрд сом наркындагы республикалык өнүктүрүү бюджетинин аткарылышы;

– Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүнө ресурстардын күн сайын түшүүсү;

– импорттук бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү жөнүндө отчёт;

– атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдардын суммасын кредиттөө жана бөлүштүрүү жөнүндө отчёт.

2022-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 270,4 млрд сом суммасында 98,8 пайызга аткарылган же 3,2 млрд сом түшкөн эмес, анын ичинен:

– салыктык кирешелер 524,4 млн сом;

– тышкы булактардан трансферттер – 483,7 млн сом;

– салыктык эмес кирешелер – 2 259,2 млн сом.

Салык чогултуунун төмөндөшүнө төмөнкү факторлор таасир эткен:

– байкалбаган экономиканын масштабынын 155,0 млрд сомго чейин өсүшү, 32,4 млрд сомго чейин салык төлөөдөн качууга шарттарды түзөт;

– формалдуу эмес сектордо 95 164 адамдын иш менен камсыз болушу, анын натыйжасында, учурдагы орточо айлык эмгек акынын эсебинде (26 540 сом), эсептелген эмгек акыдан 3,0 млрд сом өлчөмүндө киреше салыгынын төлөнбөшүнө алып келген;

– салык карызынын 14,7 млрд сомдон 39,9 млрд сомго чейин өсүшү, анын ичинен козголгон кылмыш иштери боюнча – 21,1 млрд сом (60,5%) жана учурдагы - 13,5 млрд сом (34,0%);

– Евразия экономикалык биримдигине мүчө өлкөлөрүнөн импортко кошумча нарк салыгын (КНС) администрациялоодогу кемчиликтер, “Жыйынды пост” автоматташтырылган маалыматтык тутумунда импорттолуучу товарларды эсепке алуунун ишенимсиздигине байланыштуу, жүктү текшерүүнүн мүмкүн эместиги, импорттоочулар тарабынан коштоочу эсеп-фактуранын толук эмес же ишенимсиз толтурулгандыгы, салмакты жана өлчөмдү көзөмөлдөөнүн жетишсиздиги;

– салыктык башкаруудан Евразия экономикалык биримдигине мүчө өлкөлөрүнө экспорттоочулардын салык мыйзамдарын сактоосун көзөмөлдөөнү жоготуу (экспорттун 2021-жылга салыштырмалуу 1,8 эсеге көбөйүшү 791,5 млн АКШ долларынан 1 437,8 млн АКШ долларына чейин белгиленген);

– Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын чарба жүргүзүүчү субъекттеринин каттоо маалыматтарынын дал келбестиги;

– билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл чарба чөйрөлөрүндөгү салыктык

жеӊилдиктерди жана бошотууларды жогорулатуу, ошондой эле экономиканын айрым тармактарын өнүктүрүү 22,6 млрд сомдон же ички дүӊ продукцияга (ИДП) карата 4,8 пайыздан 2022-жылы 60,0 млрд сомго чейин же ИДПга карата 6,5 пайыз чегинде.

Ал эми, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы боюнча, такталган 304,0 млрд сомдун аткарылышы 283,5 млрд сомду же 93,2 пайызды түзгөн, же каралган бюджеттик чаралар 20,6 млрд сомго жеткире каржыланган эмес.

Бюджеттин тартыштыгы 13,1 млрд сомду түзсө, бош каражаттар калдыгы 16,8 млрд сом суммасында болгон.

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам) 5-беренесинин 1-пунктунда белгиленген мамлекеттик инвестициялык бюджетти аткаруунун параметрлери аткарылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин бузуу менен:

– 18-берененин 4-пунктун, 47-берененин 32-пунктун, 106-берененин 5-пунктун бузуу менен, республикалык бюджеттин кирешелерине 14 эл аралык гранттык жана техникалык жардам долбоорлорунан 814,0 млн сом, 27,9 миӊ АКШ доллары жана 4,0 млн евро өлчөмүндөгү түшүүлөр киргизилген эмес;

– 106-берененин 5-пункту, казыналык тутумдан тышкаркы эсепке алынган ресурстардын тартиби боюнча 2 298,1 млн сом, 7 893,7 миӊ евро, 508,4 миӊ АКШ доллары (эквиваленти – 5 000,0 млн сом) суммасында кайтарылып берилүүчү каражаттар боюнча каражаттардын калдыктары Бирдиктүү казыналык эсепке которулган эмес (Утурлама фонддор, 10 донордун 26 долбоору жана 1 программа). Анын үстүнө, акча каражаттарын алуу жана аларды пайдалануу боюнча аналитикалык эсепке алуу боюнча өзүнчө тастыктоочу протоколдук документтер (Макулдашуулар) жок экендиги аныкталган;

– Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан координацияланып тартылган жана пайдаланылган эл аралык гранттык жана техникалык жардамдар республикалык бюджетте чагылдырылбайт.

Республиканын бир катар ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан эркин бюджеттик каражаттарды "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине жайгаштыруудан түшкөн пайыздардын" эсебинен 201,9 млн сом өлчөмүндө өздүк атайын эсептин каражаттары мыйзамсыз түзүлгөн.

Региондорду өнүктүрүү фонддорунун 1 801,9 млн сом факты жүзүндөгү каражаттары (областтык фонддор – 1 062,4 млн сом, райондук фонддор - 739,5 млн сом) имараттарды жана жайларды курууга, реконструкциялоого, мамлекеттик органдардын материалдык-техникалык базасын колдоого багытталган, анда, чарбалык субъектилерди андан ары кредиттөө үчүн кеминде 540,5 млн сом багытталууга тийиш болчу.

2021-2035-жылдарга Баткен областынын коопсуздугун камсыз кылуу жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программасын жана аны ишке ашыруу боюнча Жол картасын, "Баткен областынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3-бөлүгү сакталбастан 250,0 млн сом суммасында 20 иш-чара каржыланган эмес.

Каржыланган 250,0 млн сомдун 41,8 млн сому же 16,7 пайызды гана өздөштүрүлгөн, 208,2 млн сому өздөштүрүлгөн эмес.

Макулдашуулардын шарттарына ылайык, 2022-жыл үчүн тышкы кредиторлорго төлөнгөн каражаттардын жалпы суммасы бир жолку комиссия түрүндө *(113,0 миң евро же 10 332,7 миң сом)* жана резервдөө же өздөштүрбөө үчүн пайыздар *(468,7 миң АКШ доллары же 40 159,1 миң сом, 293,5 миң евро же 26 836,7 миң сом)* бюджеттин кошумча чыгымдары болуп калды.

Мамлекеттик инвестициялар программасын ишке ашырууда төмөнкүлөр аныкталган:

– Мамлекеттик инвестиция программасы каражаттарын башкаруу боюнча отчёттуулуктун жоктугу;

– мамлекеттик инвестициялардын 32 365,5 млн сом суммасындагы каражаттары Бюджеттик кодексти бузуу менен Бирдиктүү казыналык эсепти кыйгап өтүү менен пайдаланылган;

– 2022-жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун каражаттары боюнча иш жүзүндөгү чыгашалар 3 612,6 млн сомго бурмаланган (айрым долбоорлордун коммерциялык банктардагы эсептеринде пайдаланылбаган калдыктар);

– долбоорлорду ишке ашыруу мөөнөттөрүн узартуу жалпы суммасы 646,6 миң АКШ долларына кошумча операциялык чыгымдарга алып келди;

– Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесин бузуу менен 4 171,9 миң сом суммасындагы айып санкциясы республикалык бюджеттин кирешесине которулган эмес;

– макулдашуулардын шарттарына ылайык, каражаттарды резервдөө (өздөштүрбөө) үчүн жалпы суммасы 67 407,4 миң сом республикалык бюджеттин каражаттарынан комиссия төлөнгөн;

– эсептелген пайыздар боюнча каражаттардын 214,6 миң АКШ доллары суммасындагы калдыктары республикалык бюджеттин кирешесине которулган эмес. (аудит учурунда которулган).

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы боюнча аныкталды:

– коммерциялык банктардагы эсептер жабылган эмес жана бардык бюджеттик каражаттар бирдиктүү казыналык эсепке 1 071,5 млн сом суммасында чегерилген эмес;

– 2022-жылдын 31-декабрына карата мекемелердин кассасындагы 12 889,1 миң сом суммасындагы накталай акча каражаттарынын калдыктары тиешелүү бюджеттердин эсебине чегерилген эмес;

– Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 5-бөлүгүн жана 106-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункттун бузуу менен, 2022-жылы Бирдиктүү казыналык эсепте тиешелүү бюджеттик каражаттардын факты жүзүндө калдыгынын жоктугуна карабастан, бюджеттик каражаттар боюнча кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын натыйжасында 5 155,0 млн сомго чейин кассалык айырма пайда болгон, б.а. жергиликтүү бюджеттердин, Бирдиктүү казыналык эсепте турган атайын жана/же депозиттик эсептердин каражаттары чыгымдалган.

*2022-жылга КР республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин отчёту менен бул шилтеме аркылуу таанышсаңыз болот*

*Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу*

## 3.2. 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, 2021-жылга Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык Фондунун бюджетинин аткарылышы бардык олуттуу аспекттерде, төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келет.

2022-жылдын бюджетин аткарууда мыйзамдардын талаптарына шайкеш келбеген шартта 547,7 млн сом бузуулар аныкталды, анын ичинен:

– 349,4 млн сом – республикалык бюджеттен алынган каражаттардын калдыгын убагында кайтарбоо. Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 10-пунктуна ылайык, бирдиктүү казыналык эсептен тышкары болгон, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган калдыктары тиешелүү бюджеттердин эсебине жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен которулууга жатат. Аудиттин жыйынтыгында Социалдык фонд тарабынан 349,4 млн сом республикалык бюджеттин кирешесине которулду;

– 2,1 млн сом – республикалык бюджетке убагында кайтарылбаган каражаттардын калдыгына (2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 22-мартына чейин) күнүмдүк калдыктарына эсептелген пайыздар түрүндө киреше;

– 177,0 млн сом – 2226 “Банктык тейлөө төлөмдөрү” беренесине тиешелүү болгон пенсия жана жөлөк-пулдарды жеткирүүгө “Кыргызпочтасы” МИ жана коммерциялык банктарга төлөнгөн чыгымдар “Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк-пул” беренеси менен биргеликте каралып төлөмдөр жүргүзүлүп келген чыгымдар. Бюджеттик кодекстин 56-беренесинин 3-пунктуна ылайык, республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар максаттуу багыты боюнча гана пайдаланылат;

– 2,7 млн сом – тийиштүү тартипте иш ордуна аттестация жүргүзбөй туруп зыяндуулук үчүн төлөмдөр;

– 5,4 млн сом – Эмгек кодексинин 117 жана 118-беренелерин бузуу менен, кызматкерлерге узактыгы 28 күндөн ашык болгон негизги эмгек өргүүсүн төлөө боюнча ченемдик актысыз эсептелген чыгымдар;

– 14,7 миң сом – тастыктоочу документтери жок болгон шартта иш сапар чыгымдары төлөнгөн (аудит учурунда ордуна коюлду).

[2022-жылга КР Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчёту менен бул шилтеме аркылуу таанышсаңыз болот]

*Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу*

## 3.3. 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2022-жылдын 25-апрелинде кабыл алынган “Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун

2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, анын 2022-жылга бюджети кирешелери жана чыгашалары боюнча 20 255,5 млн сомго бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 25-январында кабыл алынган “Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен анын 2022-жылга бюджети кирешелери жана чыгашалары боюнча 24 951,9 млн сомго такталган. Жыйынтыгында Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММК Фонду) бюджети 4 696,4 млн сомго көбөйтүлдү, анын ичинен:

- республикалык бюджеттен чегерүүлөрү 3 924,1 млн сомго;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинен которулган каражаттары 462,4 млн сомго;
- ММК Фондунун башка кирешелери 18,0 млн сомго;
- эл аралык уюмдардан трансферттер 16,0 млн сомго кыскарган;
- акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар 307,9 млн сомго.

Эл аралык уюмдардан трансферттер 16,0 млн сомго азайышын эске албаганда, ММК фондунун бюджети иш жүзүндө 4 712,4 млн сомго көбөйтүлгөн.

Аудит жүргүзүү учурунда ММК Фондунун 2022-жылга бюджетинин аткарылышы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алына элек болчу (“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу ММК Фондунун 2022-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчётту бекитүү тууралуу” Мыйзам долбоорунун маалыматтары пайдаланылды).

Бюджетке киргизилген мыйзамдык өзгөртүүлөр ММК Фондунун бюджетинин толук аткарылышына өбөлгө түзгөн эмес. Алсак, 2022-жылга ММК Фондунун бюджетинин такталган кирешелери 24 951,9 млн сом суммасында, иш жүзүндө аткарылышы 24 523,2 млн сомду түздү же ММК Фондунун бюджетинин киреше бөлүгү 428,7 млн сомго аткарылган жок.

ММК Фондунун 2022-жылга бюджетинин такталган чыгашалары 24 951,9 млн сом суммасында, иш жүзүндө аткаруу 23 929,6 млн сомду түздү же ММК Фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгү 1 022,3 млн сомго аткарылган жок.

Жыйынтыгында, ММК Фондунун 2022-жылга бюджети кирешелер боюнча 24 523,2 млн сом суммасында, чыгашалар боюнча 23 929,6 млн сом суммасында аткарылып, кирешелер чыгашалардан 593,6 млн сомго ашыкча аткарылды.

Бекитилген пландын негизинде ММК Фондунун 159 мекемесинде аудиттер жүргүзүлдү, анын ичинде, ММК Фондунун борбордук аппаратында жана 8 аймактык башкармалыктарында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 150 мекемелеринде.

Саламаттык сактоо уюмдарында 2022-жылга карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктарынын натыйжасында төмөндөгү финансылык тартип бузуулар, бюджеттин резервдери жана жоготуулары, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталды. Атап айтканда:

– **финансылык тартип бузуулар** – **138 599,8 миң сом.** Анын ичинен:

- акча каражаттарынын жана товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги– 422,2 миң сом;
- эмгек акыларга негизсиз төлөөлөр – 96 620,3 миң сом;
- материалдык баалулуктарды, акча каражаттарды негизсиз чыгымдоолор - 143,6 миң сом;
- сапар чыгымдарынан негизсиз чыгымдоо – 1 003,8 миң сом;
- курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн көтөрмөлөө – 4 939,2 миң сом;
- Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 4 287,9 миң сом;
- жашырылган дебитордук жана көтөрмөлөнгөн кредитордук карыздар - 28 804,6 миң сом;
- бюджеттин кошумча эсептелинген кирешелери – 2 378,2 миң сом.

– **Бюджеттин резервдери жана жоготуулары 4 957 748,6 миң сомду**. Анын ичинен:

- товардык материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча чыгымдары - 41 586,0 миң сом;
- бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоолор – 219,9 миң сом;
- эмгек акыны төлөө тартибин бузуулар – 21 106,3 миң сом;
- башка бюджеттик резервдер жана жоготуулар – 4 894 836,4 миң сом.

– **Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – 85 589,8 миң сом**.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык:

– товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары 43 653,3 миң сомду түздү;

– эсепке алынууга тийиштүү дебитордук карыздардын кредитордук карыздардан ашыгы 7 252,2 миң сомго аныкталды;

– Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын талаптарын бузуу – 1 214,6 миң сом;

– бюджеттик мекемелердин банктагы эсептериндеги калдыктары – 6,1 миң сом.

*2022-жылга КР Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчёту менен бул шилтеме аркылуу таанышсаңыз болот*

*Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу*

## 4. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн биргелешкен иш-чаралар

**Ташып келүүлөргө бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды Биримдиктин мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколду сактоо боюнча, ЕАЭБ мүчө**

**мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн биргелешкен иш-чаралар.**

Отчёттук жылы Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын төрагалыгы алдында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын, Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын, Беларусь Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин жана Казакстан Республикасынын Жогорку аудитордук палатасынын өкүлдөрүнөн турган топ тарабынан, ташып келүүлөргө бажы алымдарынын (эквиваленттик таасирге ээ жыйымдар жана салыктар, жана башка алымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө мамлекеттердин бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколунун 2022-жылы сакталышына карата көзөмөлдүк иш-чаралар өткөрүлгөн.

Өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча негизинен, 2022-жылы ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктары тарабынан ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүү тартибин сактоо камсыздалгандыгы белгиленген.

2022-жылы Биримдиктин мүчө мамлекеттеринин бюджеттерине ташып келүүлөргө бажы алымдарынын келип түшүү суммасы 10,2 млрд АКШ долларын түзгөн жана 2021-жылга салыштырмалуу 3,3 млрд АКШ долларына же 24,4 пайызга азайган.

Ташып келүүлөргө бажы алымдарынын келип түшүү суммасынын динамикасын талдоо 2022-жылы ташып келүүлөргө бажы алымдарынын келип түшүүлөрү өткөн жылдарга салыштырмалуу абдан төмөн деңгээлде турарын көрсөттү. Алсак, 2017-жылы келип түшүүлөрдүн жалпы суммасы – 11,6 млрд АКШ долларын, 2018-жылы – 12,3 млрд АКШ долларын, 2019-жылы – 12,7 млрд АКШ долларын, 2020-жылы – 11,2 млрд АКШ долларын жана 2021-жылы – 13,5 млрд АКШ долларын түзгөн.

2022-жылы 2021-жылга салыштырмалуу, мүчө мамлекеттердин бирдиктүү эсебине келип түшкөн ташып келүүлөргө бажы алымдарынын суммасы төмөндөгүдөй көбөйгөн:

- Армения Республикасында – 141,4 млн АКШ долларына, же 96,3 пайызга;
- Казакстан Республикасында – 503,5 млн АКШ долларына, же 70,5 пайызга;
- Кыргыз Республикасында – 86,4 млн АКШ долларына, же 56,3 пайызга.

2022-жылы мүчө мамлекеттердин бирдиктүү эсебине келип түшкөн ташып келүүлөргө бажы алымдарынын суммасы төмөндөгүдөй азайган:

- Беларусь Республикасында – 137,0 млн АКШ долларына, же 22,3 пайызга;
- Россия Федерациясында – 3 719,2 млн АКШ долларына, же 31,3 пайызга.

Мында, 2022-жылы мүчө мамлекеттердин бюджеттерине ташып келүүлөргө бажы алымдарынан кирешелери 2021-жылга салыштырмалуу жалпы азайгандыгы белгиленген:

- Армения Республикасында – 42,0 млн АКШ долларында, же 25,4 пайыз;
- Беларусь Республикасында – 167,6 млн АКШ долларында, же 25,5 пайыз;
- Казакстан Республикасында – 238,9 млн АКШ долларында, же 25,4 пайыз;
- Кыргыз Республикасында – 68,6 млн АКШ долларында, же 26,7 пайыз;
- Россия Федерациясында – 2 657,0 млн АКШ долларында, же 23,1 пайыз.

Мүчө мамлекеттердин аймагында төлөнгөн (өндүрүлгөн) жана белгиленген ченемдер боюнча бардык мүчө мамлекеттерге бөлүштүрүүнүн жыйынтыгы боюнча

келип түшкөн ташып келүүлөргө бажы алымдарынын суммаларынын ортосундагы терс айырма төмөндөгүлөрдү түзгөн: Армения Республикасы үчүн – -164,9 млн АКШ доллары, Казакстан Республикасы – -515,8 млн АКШ доллары жана Кыргыз Республикасы − -51,6 млн АКШ доллары; жакшы (оң) айырма менен – Беларусь Республикасы үчүн − +11,7 млн АКШ долларында жана Россия Федерациясы - +662,1 млн АКШ долларында.

2022-жылы колдонулган ташып келүүлөргө бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүү ченемдери, 2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык биримдик жөнүндө келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле айрым эл аралык келишимдерди колдонууну өзгөртүү же токтотуу жөнүндө протокол (мындан ары - 2019-жылдын 1-октябрындагы протокол) менен белгиленген. Ушул протоколдун 12-беренесине ылайык, ар бир мүчө мамлекет үчүн ташып келүүлөргө бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүнүн төмөндөгүдөй ченемдери белгиленген:

- Армения Республикасы – 1,220 пайыз;
- Беларусь Республикасы – 4,860 пайыз;
- Казакстан Республикасы – 6,955 пайыз;
- Кыргыз Республикасы – 1,900 пайыз;
- Россия Федерациясы – 85,065 пайыз.

2022-жылы ыйгарым укуктуу органдар тарабынан ташып келүүлөргө бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүү ченемдеринин сакталышын текшерүүдө бузуулар аныкталган жок.

Мүчө мамлекеттердин бажы органдары тарабынан, маалыматтык тутум аркылуу ташып келүүлөргө бажы алымдарын төлөө менен байланышкан маалымат алмашуу тартибин ишке ашыруу маселеси ачык бойдон калууда. 2022-жылы интеграциялык маалымат тутумунун жалпы процессин колдонуу менен, борбордук бажы органдарынын ортосунда, Протоколдун 51-пункту менен каралган, ташып келүүлөргө бажы алымдарын төлөө менен байланышкан маалымат алмашуу ишке ашырылган эмес.

Евразиялык экономикалык комиссиянын маалыматы боюнча, Комиссиянын Коллегиясынын 2015-жылдын 14-апрелиндеги №29 чечими менен бекитилген, Биримдиктин алкагында жалпы процесстердин тизмесинин 21-пункту менен каралган, “Ташып келүүлөргө бажы алымдарын төлөө, ошондой эле мындай маалыматтарды камтыган маалыматтар базасын түзүү, жүргүзүү жана колдонуу менен байланышкан маалыматтарды алмашууну камсыздоо” интеграциялык маалымат тутумунун жалпы процессин ишке ашыруу, Протоколдон “V. Ташып келүүлөргө бажы алымдарын төлөө менен байланышкан маалыматты алмашуу тартиби” бөлүгүн алып салуу бөлүгүндө Биримдик жөнүндө келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча ишке байланыштуу токтотулган.

Контролдук иш-чаранын жыйынтыгы боюнча Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын, Беларусь Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын Жогорку аудитордук палатасынын, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын коллегияларынын (Кеңештеринин, ыйгарым укуктуу адамдарынын) биргелешкен отурумунда отчёт бекитилген жана тиешелүү сунуштар жөнөтүлгөн.

2023-жылы ЕАЭБ органдарына тышкы аудитти жүргүзүү планына жана программасына ылайык, Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын,

Беларусь Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын Жогорку аудитордук палатасынын, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрүнөн турган инспектордук топ тарабынан төмөндөгүлөр жүргүзүлгөн:

- 2022-жылга карата ЕАЭБ бюджетинин аткарылышына тышкы аудит, аудиттин алкагында 2022-жылы ЕАЭБ бюджетинин каражаттарынын пайдаланылышы жана 2022-жылга карата бюджеттик отчёттун ишенимдүүлүгү текшерилген;
- 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин аткарылышына тышкы аудит, аудиттин алкагында 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин каражаттарынын пайдаланылышына, 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин кирешелеринин түзүлүшүнө жана чыгымдардын аткарылышына талдоо жүргүзүлгөн;
- 2024-жылга ЕАЭБ бюджетинин түзүлүшүнө тышкы аудит (алдын ала аудит), аудиттин алкагында 2024-жылга Евразиялык экономикалык биримдиктин органдарынын бюджеттик сметаларынын негиздүүлүгүнө, алардын ЕАЭБ укуктарына жана ЕАЭБ органдарынын актыларына шайкеш келишине аудит жана талдоо жүргүзүлгөн, ЕАЭБ органдарынын бюджеттеринин пландалган кирешелеринин жана ЕАЭБ органдарынын пландалган жыйынды чыгымдарынын баланстуулугу, 2024-жылга ЕАЭБ бюджетинин долбоорунда кирешелер менен чыгымдардын толук көрсөтүлүшү, мүчө мамлекеттердин ченемдик-укуктук актыларына 2024-жылга ЕАЭБ бюджетинин долбоорун түзүү тартибинин туура келиши текшерилген.

Тышкы аудиттин субъектилери болуп, ЕАЭБ органдары эсептелген:

1. Евразиялык экономикалык комиссия;
2. Евразиялык экономикалык биримдиктин соту.

Евразиялык экономикалык биримдиктин органдарына тышкы аудитти жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча, ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан корутунду отчёттор бекитилген жана Евразиялык экономикалык биримдиктин кароосуна корутунду отчётторду киргизүү боюнча биргелешкен чечим кабыл алынган.

Аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү, ЕАЭБ бюджетинин каражаттарын тескөө жана башкаруунун, ЕАЭБ мүлкүн жана башка активдерин пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, ЕАЭБ укугуна кирген актыларды жакшыртуу максатында, аудит субъектилерине тиешелүү сунуштар берилген.

## 5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу

### 5.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Президентине отчёт берүүчү мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы болуп саналат.

2023-жылы Эсептөө палатасына Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 357 суроо-талап, тапшырмалар, каттар жана документтер келип түшкөн.

2023-жылдын ичинде Эсептөө палатасынын дарегине Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан ар түрдүү маалыматтарды жана маалымдамаларды берүү жөнүндө 232 кат түшкөн. Ошондой эле Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча 34 отчёт жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 125 кат келип түшкөн, анын ичинде жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча отчётторду жана маалыматтарды берүү боюнча 31 суроо-талап, аудит жүргүзүү боюнча 11 тапшырма, кеңешмелерге жана талкууларга катышууга 67 чакыруулар жана башкалар – 16.

Эсептөө палатасынын демилгеси боюнча, жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын Кеңешинин кабыл алынган токтомдорунун негизинде 41 аудитордук отчёт жана корутундулар жөнөтүлгөн. Ошондой эле Эсептөө палатасынын демилгеси боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча 1 отчёт жөнөтүлгөн.

## 5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү боюнча Эсептөө палатасынын иши “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык туруктуу негизде жүргүзүлөт.




Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынгандыгына жана 108 жана 110-беренелерге шайкеш келтирүүгө байланыштуу, Эсептөө палатасы тарабынан “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору иштелип чыккан.

Анын жаңы редакциясына ылайык, мурдагыдай эле Эсептөө палатасынын мамлекеттик органдар, укук коргоо органдары жана башка органдар менен өз ара аракеттенишүү, алар менен кызматташуу жөнүндө макулдашууларды түзүү боюнча Эсептөө палатасынын функциясы белгиленген. Бул багыттын алкагында Эсептөө палатасы, аудитордук жана эксперттик-аналитикалык иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча аларда кылмыш курамынын белгилери болгондо укук коргоо органдарына материалдарды берүүгө укуктуу.



2023-отчёттук жыл ичинде тиешелүү кароо үчүн, Эсептөө палатасы тарабынан укук коргоо органдарына аудиттин 3,6 млрд сом суммасындагы 107 материалы жөнөтүлгөн.

Анын ичинен прокуратура органдарына – 2,1 млрд сомго аудиттин 74 материалы; улуттук коопсуздук органдарына – 1,2 млрд сомго аудиттин 29 материалы, ички иштер органдарына – 327 млн сомго аудиттин 4 материалы жөнөтүлгөн.

Укук коргоо органдары тарабынан кароонун жыйынтыгы менен, аудиттин 28 материалы боюнча жазык иши козголгон, анын ичинен: 6 жазык иши сотко жөнөтүлгөн; 12 жазык иши токтотулган; 3 жазык иши боюнча өндүрүш иши убактылуу

токтотулуп турат; 7 жазык иши боюнча тергөө иштери жүрүп жатат.

Мындан сырткары, аудиттин 18 материалы боюнча жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Аудиттин 11 материалы боюнча прокурордук көңүл буруу актысы чыгарылган, анын жыйынтыктары боюнча келтирилген зыяндын суммасы ордуна коюлган, ошондой эле 18 кызматтагы адам тартип жоопкерчилигине тартылган. Аудиттин 5 материалы боюнча прокуратура органдары тарабынан бузуу фактылары аныкталбаган катары тиешелүү маалым каттар түзүлгөн, ал эми аудиттин 3 материалы ведомствого караштуулугу боюнча кароо үчүн, башка укук коргоо органдарына кайрадан жөнөтүлгөн. Аудиттин 1 материалы боюнча улуттук коопсуздук органдары тарабынан жазык иши козголбостон туруп, бузуу фактылары четтетилген. Калган материалдар укук коргоо органдары тарабынан кароо баскычында турат.

## 5.3. Эл аралык кызматташуу

***Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттердин аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) кызматташтыгы***

2023-жылдын февралында Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттердин аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) жетекчилеринин 6-жолугушуусу Индиянын Лакхнау шаарында болуп өткөн. Жолугушуу Индиянын Башкы контролёру жана аудитору кеңсесинин төрагалыгы алдында, Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Россия, Тажикстан, Өзбекстан жана Пакистан ШКУ өлкөлөрүнүн аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) жетекчилеринин катышуусу менен өткөн.

Жолугушуунун катышуучулары тарабынан мурунку мезгилдеги ШКУ мүчө мамлекеттеринин аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) өз ара аракеттенишүү иши жөнүндө Пакистандын Башкы аудиторунун орун басарынын отчёту каралган жана жактырылган.

Жолугушуунун жүрүшүндө “Жасалма интеллект” жана “Киберкоопсуздук” аспекттерин камтыган, “Аудитте жаңы технологияларды интеграциялоо” темасынын алкагында технологиялык мүмкүнчүлүктөрдү талдоо максатында катышуучулар баяндамаларын беришкен.

Тематикалык сессиянын жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы “Аудитте жаңы технологияларды интеграциялоо” темасында баяндама жасаган. Баяндаманын алкагында, глобалдуу санариптештирүү доорунда IT-аудитин өнүктүрүү жана жайылтуу чоң роль ойноору белгиленген. Белгилүү болгондой, маалыматтык тутум, анын учурдагы абалы жөнүндө объективдүү, сапаттуу жана сандык маалыматтарды алуу жана баалоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы, бүгүнкү күнү аудиттин жогорку органдарынын ишинде маалыматтык технологияны жайылтуу жана колдонуу – аудиттин натыйжалуулугун жогорулатуу факторлорунун бири жана маанилүү тенденция деп белгиледи. Аудиттин жогорку органдары мамлекеттик аудитти жаңы сапаттуу деңгээлде жүргүзүү боюнча ишти санариптештирүүнү эске

алуу менен жаңы милдеттерди ишке ашыруу үчүн, өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктайт.

Мындан сырткары, иш-чара алкагында Кытай жана Россиянын аудиттин жогорку органдарынын өкүлдөрү менен жолугушуу өтүп, анда кызматташуунун мындан аркы планы талкууланган.

***Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) аудиттин (финансылык көзөмөлдөө) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында өз ара аракеттенишүү***

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагалыгы алдында, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) аудиттин (финансылык көзөмөлдөө) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин XX сессиясы видеоконференция режиминде “Мамлекеттик аудиттин көз карандысыздыгын камсыздоо” темасында өткөн.

Сессиянын жүрүшүндө мамлекеттик аудиттин жогорку органдарынын көз карандысыздыгын камсыздоо маселеси талкууланган. Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Азербайжан Республикасынын, Армения Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Россия Федерациясынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын, КМШ аткаруу комитетинин мамлекеттик аудит органдары жетекчилери сүйлөшкөн.



Сессиянын жыйынтыгы боюнча XX сессиясынын резолюциясы жана чечими түрүндө тиешелүү корутунду документтер кабыл алынган, ошондой эле XX жана XXI сессия ортосундагы аралыкка Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин аудиттин (финансылык көзөмөлдөө) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин иш планы бекитилген.

Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин аудиттин (финансылык көзөмөлдөө) жогорку органдарынын кызматташуусу алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) мамлекеттик көзөмөлдөөнүн (аудиттин) стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун XX отурумуна онлайн форматта катышкан.

Отурумда 2023-жылга Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) мамлекеттик көзөмөлдөөнүн (аудиттин) стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун иш планы бекитилген.

Ошондой эле, 2023-жылы “Мыкты келечекти түзүү үчүн болжолдоо аспаптарын жайылтуу” жана “Отчётту жөнөкөй жана жеткиликтүү тилде кантип жазуу керек” деген темаларда семинарлар онлайн форматта өткөн.

***Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюму (INTOSAI) менен кызматташуу***

INTOSAI Development Initiative өнүгүү демилгесинин алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын институционалдык өнүктүрүүнү жогорулатууга багытталган биргелешкен долбоор үстүндө Польшанын Жогорку көзөмөлдөө

палатасы менен иштер жүргүзүлгөн. Үч тараптуу макулдашууга кол коюу иштин жыйынтыгы болгон, ал тышкы мамлекеттик аудитти жүргүзүү тартиби жана методологиясы, кесипкөй ыкмаларды жакшыртуу чөйрөсүндө өз ара аракеттенишүү, маалыматтык -маалымдоо материалдарын алмашуу, биргелешкен (параллелдүү) аудитордук иш-чараларды жана биргелешкен изилдөөлөрдү, консультацияларды уюштуруу жана өткөрүү жаатында тажрыйба алмашуу бөлүгүндө натыйжалуу кызматташуу үчүн мүмкүнчүлүктү берет.

***Экономикалык кызматташуу өлкөлөрүнүн аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюму (ECOSAI) менен кызматташуу***

2023-жылы Эсептөө палатасы Ирандын Тегеран шаарында өткөн ECOSAIнин Башкаруу Кеңешинин 27-отурумуна жана Окуу комитетинин 22-отурумуна катышкан.

Сессиялардын жүрүшүндө ECOSAIнин иш-аракети маселеси, 2022-2023-жылдары өткөрүлгөн окуулар жөнүндө маалымат талкууланган. ECOSAIнин Башкаруу Кеңешинин отурумунун жыйынтыгында, уюмдун 2022-2027-жылдарга стратегиялык планы жактырылган.

## 5.4. Коомчулук менен байланышуу

Аудитордук иш-чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы ачык-айкындуулук саясатын жүргүзөт, анын маанилүү компоненттеринин бири катары жарандык коом менен өз ара байланыш түзүү болуп саналат. Колдонуудагы мыйзам алкагында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы тууралуу бардык отчёттор ачык булактарда жарыяланат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши тууралуу коомчулукка маалымдоо, тийиштүү маалыматты мамлекеттик органдын расмий веб-сайтына жайгаштыруу, пресс-релиздерди таркатуу, социалдык тармактарга жарыялоо, теле жана радио эфирлерди, интервьюларды уюштуруу аркылуу ишке ашырылат. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши тууралуу видеоматериалдар YouTube видеохостингинин аянтчасына жайгаштырылат.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши тууралуу мамлекеттик жана расмий тилдерде 127ден ашуун пресс-релиз даярдалып жарыяланган, алар өлкөнүн алдыңкы маалымат агенттиктеринде кайрадан басылып чыгарылышкан. Республикалык жалпы маалымат каражаттарында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгүнө тийиштүү 550дөн ашуун материалдар жарыяланган.

Ошондой эле отчёттук мезгилде мамлекеттик орган тарабынан жалпы маалымат каражаттарында жарыяланган бир катар кайрылуулар каралып, алар боюнча жыйынтык жооптор берилген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жарандык коом менен маек жүргүзүү жана актуалдуу жаңылыктарды расмий веб-сайтка, социалдык тармактардагы аккаунттарга жана YouTube каналга жайгаштыруу аркылуу активдүү өз ара аракеттенүү боюнча иштерди мындан ары да улантат.

Отчёттук жылы жарандардан 59 кат жүзүндөгү жана электрондук кайрылуулар

келип түштү, алар көзөмөлгө алынып, “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралган.

## 6. Коррупцияга каршы иш-чаралар

Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы №180 “2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгынын алкагында активдүү иш жүргүзүүдө.

Эсептөө палатасынын Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешине дайыма катышып турат. Кызматкерлер тарабынан эмгек тартибинин сакталышы максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жооптуу кызматкерлери менен бирге аудит жүргүзүлүп жаткан субъекттер боюнча жеринде ар кандай текшерүүлөрдү жүргүзөт. Бул боюнча 2023-жыл ичинде аудит жүргүзүлүп жаткан жерде Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин иштерине тиешелүү 12 актылары түзүлгөн.

Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуугa Эсептөө палатасынын ишеним телефону бекитилип берилген жана кызматкерлерге карата кызматтык териштирүү жүргүзүү боюнча комиссиянын курамында болуу менен бирге, комиссиянын отурумдарына катышат. Отчёттук жылда 10 кызматтык териштирүү жүргүзүлгөн, анын ичинен 1 чечим – кызматынан төмөндөтүү, 5 чечим – сөгүш берүү, 4 чечим – эскертүү берүү боюнча кабыл алынды. Эсептөө палатасындагы коррупциянын алдына алуу иш чаралар алкагында жана ички иликтөө учурунда беш мамлекеттик инспектор өз каалоосу менен арыз жазып жумуштан кетишкен.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасындагы коррупциянын алдын алуу иш-чараларын күчөтүү максатында, ыйгарым укуктуунун ишин жакшыртуу үчүн, 2023-жылы Эсептөө палатасынын түзүмүндө Коопсуздук сектору түзүлгөн. Анын ишинин негизги максаты болуп, Эсептөө палатасындагы жана анын аймактык бөлүмдөрүндөгү коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу жана аныктоо болуп эсептелет.

## 7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо

### 7.1. Методологиялык камсыздоо

Натыйжалуу мамлекеттик аудит, мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүн түзүүдө маанилүү ролду ойнойт. Мамлекеттик аудиттин алкагында мамлекеттик аудиттин жогорку органына бюджеттик каражаттардын жана мамлекеттик менчиктин пайдаланылышынын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү үчүн жоопкерчилик жүктөлөт. Буга байланыштуу, алдыңкы эл аралык тажрыйбанын негизинде методологиялык базаны иштеп чыгуу жөнүндө маселе пайда болот. 2023-жылдын 31-майында кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы өзүнүн иш-аракетин мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарына (ИССАИ) ылайык жүргүзөт.

ИССАИ мамлекеттик сектордо аудиттин кадыр-барктуу эл аралык стандарттары болуп эсептелет.

ИССАИ милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

– жүргүзүлгөн аудитордук текшерүүлөрдүн сапатын камсыздоо;

– аудитордук текшерүүлөр жөнүндө отчётторго карата колдонуучулардын ишенимин жогорулатуу;

– аудит процессинин ачыктыгын жогорулатуу;

– башка тартылган тараптарга карата аудиторлордун жоопкерчилигин аныктоо;

– аудитордук тапшырмалардын ар кандай түрлөрүн жана алар менен байланышкан, мамлекеттик сектордо аудит жүргүзүү үчүн бирдиктүү терминологияны камсыз кылуучу концепцияларды аныктоо.

Эсептөө палатасынын жумуш процесстерин, анын ичинен аудиттин методологиялык базасын жакшыртуу максатында, аудиттин жогорку органдарынын отчёттуулугу боюнча Глобалдуу демилге алкагында, 2023-жылдын 14-июлунда Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын, Польша Республикасынын Аудиттин жогорку органы жана INTOSAI (IDI) Өнүгүү демилгесинин ортосунда кызматташуу жөнүндө үч тараптуу макулдашууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен Польша Республикасынын Аудиттин жогорку органынын ортосунда кызматташуу жөнүндө эки тараптуу макулдашууга кол коюлган.

IDIнин финансылык колдоосу менен, 2023-жылы Эсептөө палатасы 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын максаттарына натыйжалуу жетүү үчүн, GSAI демилгесине кошулган. Бул демилгенин алкагында, өз ара колдоо жаатында көп жылдык тажрыйбасы бар Польша Республикасынын Аудиттин жогорку органы өнөктөш катары чыккан.

Долбоордун негизги максаты болуп, Эсептөө палатасынын потенциалын чыңдоо жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенишүүнү күчөтүү эсептелет. Долбоор төрт компоненттен турат:

1. Аудиттин методологиясы, сапат жана отчёттор.
2. Аудит процессин санариптештирүү.
3. Коммуникация жана кызыкдар тараптарды кабардар кылууну жогорулатуу.
4. Эсептөө палатасын стратегиялык башкаруу.

2023-жылы “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын стратегиялык башкаруу” компоненти боюнча жумушчу жолугушуу өткөн. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрү менен Польша Республикасынын Аудиттин жогорку органынын эксперттери ИНТОСАИнин (International Framework Public Pronouncement – IFPP) эл аралык стандарттарынын талаптарын, ошондой эле Кыргыз Республикасы менен Польшанын ички эрежелерин жана укуктук базаны талкуулашкан. Жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча эксперттер, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүү боюнча алдын ала сунуштарды беришкен. Учурда бул багытта иштер жүрүп жатат.

“Аудиттин методологиясы, сапат жана отчёттор” компоненти боюнча, аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарына шайкеш келишине карата Эсептөө

палатасынын методологиялык базасын баалоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. Андан ары, иш-чаралар планы жана баалоо отчётуна ылайык, Эсептөө палатасынын методологиялык базасын жакшыртуу боюнча биргелешкен иштер жүргүзүлөт.

“Коммуникация жана кызыкдар тараптарды кабардар кылууну жогорулатуу” компоненти боюнча, Эсептөө палатасынын отчётторун даярдоо боюнча колдонмону жана коммуникациялык стратегияны иштеп чыгуу каралган.

“Аудит процессин санариптештирүү” компоненти боюнча, маалыматтык технологияларга аудитти жана маалыматтарды талдоо боюнча Эсептөө палатасынын кызматкерлерин окутуу пландалууда.

Ошондой эле, Эсептөө палатасынын ишинде натыйжалуулук аудитин колдонуу жана кеңири жайылтуу максатында, “Билим берүү секторунда натыйжалуулук аудитин жүргүзүү боюнча методологиялык көрсөтмө” иштелип чыгып, практикалык колдонуу үчүн Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан кабыл алынган.

## 7.2. Кадрдык камсыздоо

Отчёттук жылдын аягында Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын саны 246 бирдикти түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө 202 бирдик өз ордунда иштеп турган, анын ичинен:

– борбордук аппаратта – 124;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмү боюнча – 29;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмү боюнча – 18;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү боюнча – 31.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын сапаттык курамы:

– гендердик курамы боюнча: мамлекеттик кызматчылардын 74,2 пайызын эркектер, 25,7 пайызын аялдар түзөт;

– билим деңгээли боюнча: баардык мамлекеттик кызматчылар жогорку билимге ээ, алардын ичинен 34,1 пайызы эки же андан ашык билимге ээ. Үч мамлекеттик кызматчы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ;

– адистиги боюнча: экономика, бухгалтердик эсеп жана финансы – 78,2 пайыз, юридикалык – 7,4 пайыз, гуманитардык – 3,9 пайыз, жана башкалар – 10,3 пайыз;

– жашы боюнча: 28 жашка чейин – 0,49 пайыз; 29 жаштан 37 жашка чейин - 11,8 пайыз; 38 жаштан 46 жашка чейин – 25,24 пайыз; 47 жаштан 55 жашка чейин – 24,25 пайыз; 55 жаштан 64 жашка чейинки – 38,61 пайыз.

Техникалык жана тейлөөчү персонал 80 бирдикти түзөт.

Отчёттук жылда, ээлеген кызмат ордунан 21 адам бошонгон, анын ичинен:

– өз каалоосу боюнча – Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын борбордук аппаратынын 8 мамлекеттик кызматкер жана 7 техникалык жана кенже тейлөөчү персоналы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрүнүн 6 мамлекеттик кызматкери.

67 кызматкер кызматка дайындалган (шайланган), анын ичинен:

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук кызматына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан шайланган – 1;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан ички ротациялоо тартибинде – 4 мамлекеттик кызматкер;

– мамлекеттик органдар ортосунда ротациялоо тартибинде аймактык бөлүмдөргө – 7 мамлекеттик кызматкер;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы мамлекеттик жарандык кызматынын кадрлар резервинен 53 кызматкер, анын ичинен, борбордук аппаратка - 43 жана аймактык бөлүмдөргө – 10; техникалык жана кенже тейлөөчү персонал – 9.

Тартип жазасын колдонуу: Эсептөө палатасынын 4 мамлекеттик кызматкерине жана 1 техникалык тейлөө персоналына карата сөгүш; Эсептөө палатасынын 4 мамлекеттик кызматкерине – эскертүү; Эсептөө палатасынын 1 мамлекеттик кызматкерине кызматынан төмөндөтүү.

**Окуу планына ылайык, Эсептөө палатасынын кызматкерлерин окутуу, кайрадан даярдоо жана квалификацияларын жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу**

Отчёттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн окуулар жана техникалык тренингдер өткөрүлгөн, алардын жүрүшүндө иш процесстери боюнча актуалдуу темалар каралган жана талкууланган, ошондой эле Эсептөө палатасынын кызматкерлери менен лекторлор ортосунда тажрыйба алмашуу болгон:

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин этика маселелери боюнча окутуу, ага Борбордук аппараттан – 116, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнөн – 14, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнөн – 26, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнөн – 28 кызматкер катышкан;

– 20 жаңы кызматкерлер үчүн окутуу;

– өрт коопсуздугу боюнча окутуу – 26 кызматкерге;

– “Медиа сабаттуулугу, ошондой эле пресс-релизди кантип даярдоо керек?” темасындагы семинар – 28 кызматкерге;

– терроризм коркунучунун деңгээли жана жер титирөөдө коопсуздук чаралары жөнүндө окутуу – 23 кызматкерге.

Мамлекеттик кызматчыларды окутуу боюнча мамлекеттик заказдын алкагында 2023-жылы 9 кызматкер төмөндөгү курстар боюнча сертификаттарды алышкан:

– мамлекеттик секторрдо долбоордук менеджмент – 1 кызматкер;

– мамлекеттик кызматта натыйжалуу башкаруу – 1 кызматкер;

– мамлекеттик башкаруу секторунда финансылык отчёттуулук – 3 кызматкер;

– мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын ченемдик укуктук камсыздоо – 2 кызматкер;

– мамлекеттик башкаруу тутумунда санариптик трансформация – 1 кызматкер;

– ГЧП, инфра-түзүмдү өнүктүрүүгө жеке инвестицияларды тартуу аспабы

катары – 1 кызматкер.

Квалификацияны жогорулатуу:

– 2022-2024-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” магистрдик программасы боюнча эки жылдык окууда – 2 кызматкер;

– “Натыйжалуулук аудити боюнча АЖО (PESA-P) аудиторлору үчүн кесиптик окутуу” пилоттук программасына катышуу жыйынтыгы боюнча 1 кызматкер ИНТОСАИ (IDI) өнүктүрүү демилгесинин АЖО сертификацияланган натыйжалуулук аудитору дипломун алган;

– “Финансылык аудит боюнча АЖО (PESA-P) аудиторлору үчүн кесиптик окутуу” пилоттук программасына 1 кызматкер катышууда;

– “Натыйжалуулук аудити боюнча АЖО (PESA-P) аудиторлору үчүн кесиптик окутуу” пилоттук программасына 1 кызматкер катышууда.

Отчёттук жылдын аягында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борборунун ортосунда түзүлгөн, окутуу боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим алкагында ийгиликтүү окуунун натыйжасында, “Мамлекеттик сатып алууларды башкаруу” базалык курсу боюнча 15 кызматкер сертификат алышкан.

### 7.3. Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү

Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу иретинде, ошондой эле санариптештирүү жана автоматташтыруу процесстерин натыйжалуу өнүктүрүү алкагында, Эсептөө палатасында Санариптик өнүктүрүү боюнча бөлүм түзүлгөн, ошондой эле 2023-жылдын 31-октябрында гранттын эсебинен сатылып алынган кеңсе техникасынын салтанаттуу бетачары болуп өттү.



Аталган жабдуулар Сауд өнүктүрүү фондунан түшкөн гранттын эсебинен алынды. Бүгүнкү күндө Эсептөө палатасынын ишинде маалыматтык технологияларды ишке киргизүү жана пайдалануу маанилүү багыттардын жана мамлекеттик аудиттин жогорку органынын натыйжалуулугун жакшыртуучу факторлордун бири болуп саналат. Эсептөө палатасы аудитти жаңы сапаттык деңгээлде ишке ашыруу боюнча Эсептөө палатасынын ишин маалыматтык камсыздоону санариптештирүүнү эске алуу менен жаңы милдеттерди ишке ашыруу үчүн артыкчылыктуу багыттарды аныктоодо, мында аудитти жана аналитикалык ишмердүүлүктү колдоо үчүн санариптик инфраструктураны түзүү милдети өзгөчө орунда турат.



2023-жылдын апрель айында Эсептөө палатасынын кызматкерлери EUROSAI Жумушчу тобу аркылуу уюштурулган “Өзүңдү идентификациялa. Электрондук идентификацияга

карай татаал жол” темасындагы маалыматтык технологиялар боюнча онлайн семинарга катышты.

Европанын негизги баяндамачылары жана эксперттери, ошондой эле ARABOSAI ITWG кызматташтыгы боюнча өнөктөштөр салыштырма маалыматты сунуштап, санариптик дүйнө мезгил мерчеминде кеңири жайылтылып жаткандыгын жана аудиторлордун ишине таасир эткен тенденцияларга көз салып туруу маанилүү экендигин белгилешти. Онлайн семинардын алкагында төмөнкү темалар козголду: Электрондук идентификацияны иштеп чыгуу, кызматтарды аутентификациялоо (eIDAS), Биримдикке мүчө-мамлекеттердин деңгээлинде санариптик экосистемага eIDAS таасирин баалоо, электрондук өкмөт, санариптик идентификация жана верификация – Улуу Британиянын тажрыйбасы, электрондук өкмөттүн кызматы.

2023-жылдын июнь айында Эсептөө палатасында аныкталган бузуулардын жаңы классификаторун мындан ары өнүктүрүү жана жакшыртууну талкуулоого арналган тренинг өттү. Иш-чарага Эсептөө палатасынын Борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү катышты. Эсептөө палатасынын буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышын мониторингдөөнү автоматташтырууну ишке киргизүү жана өркүндөтүү боюнча концептуалдык багыттар каралды.

Аныкталган бузуулардын классификатору методикалык документ болуп саналат, ал аудиттин материалдарында аныкталган бузууларды, кемчиликтерди жана алардын кесепеттерин көрсөтүүдө колдонулат, ошондой эле жүргүзүлүп жаткан аудиттердин сапатын жакшыртууга жана аудит субъектилеринин тобокелдикке багытталгандыгын таануу үчүн жетиштүү негиз болуучу толук кандуу, ишенимдүү жана объективдүү маалыматты алууга өбөлгө түзөт.

Эсептөө палатасынын төрагасынын буйругуна ылайык, 2023-жылдын ноябрь айында Эсептөө палатасынын жогорку квалификациялуу адистеринен жана инспекторлорунан турган, аныкталган бузуулардын автоматташтырылган классификатор тутумун модернизациялоо боюнча жумушчу топ түзүлгөн. (1С 8.3 платформасынан алыстан кирүү мүмкүнчүлүгү бар web интерфейске өтүү).

Учурда бизнес-процесстерди толуктап иштеп чыгуу боюнча иштер жүрүп, Санариптик өнүктүрүү бөлүмүнүн жеке ресурстарын колдонуу менен модулдар иштелип чыгууда.

Ошондой эле Санариптик өнүктүрүү боюнча бөлүмдүн күч-аракети аркылуу Эсептөө палатасында иштеп жаткан жана жаңыдан кабыл алынган кызматкерлердин квалификациялык талаптарга шайкештигин тестирлөөнүн автоматташтырылган тутуму иштелип чыгып, ишке киргизилген.

## 7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча укуктук ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

*7-таблица. 2023-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы (млн сом)*

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2023-жылга бекитилген смета | 2023-жылга такталган смета | Кассалык чыгымдар |
|---|---|---|---|
| Бюджет* | 400,7 | 390,4 | 363,0 |
| Фонд** | 40,1 | 51,7 | 51,7 |
| Бардыгы: | 440,8 | 442,1 | 414,7 |

** Эсептөө палатасын камсыздоого республикалык бюджеттен каржылоо;*

*** Материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү фондун каржылоо, 2023-жылдын 31-майындагы №114 “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын кабыл алынышына жана каражаттардын көлөмүн 15 пайызга көбөйтүүгө байланыштуу сметаны тактоо. Аталган фонд Эсептөө палатасынын Борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүмдөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлеринин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында түзүлгөн.*

Отчёттук мезгилде “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, товарларды, кызматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүзөгө ашырылган. Бардыгы 43 сатып алуулар боюнча конкурс өткөрүлгөн, анын ичинен, Борбордук аппаратта – 22 жана аймактык бөлүмдөрдө – 21 сатып алуулар.

## Корутунду

Эсептөө палатасынын иши жөнүндө отчётту жыйынтыктап жатып, Эсептөө палатасы 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын стратегиялык өнүктүрүү планынын, ошондой эле тиешелүү жылдарга Эсептөө палатасынын иш планынын максаттарына жетүү жана милдеттерин аткаруу боюнча иш-чараларды талыкпай улантып жаткандыгын дагы бир жолу баса белгилөө зарыл.

2024-жылы Эсептөө палатасы Стратегиялык планында белгиленген максаттарга жана аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарына негизделген, аудитордук иш-чаралардын методологиялык базасын жакшыртуу боюнча милдеттерге жетүүнү улантууну максат кылган. Жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын контролдоону жана коррупциялык элементтерди алдын алуу боюнча жигердүү чараларды күчөтүүнү улантууда.

Ошондой эле, Эсептөө палатасы отчёттук жылы башталган, аудитордук процессти санариптештирүү жана автоматташтыруу боюнча ишти аяктоону пландоодо.

Аудит субъектилери тарабынан дайыма боло турган бузуулардын негизги себебин изилдөө жана аларды четтетүү иши, Эсептөө палатасынын артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп кала берет.

Эсептөө палатасынын иши аудит субъекттеринде каржы бузууларын аныктоого гана багытталбастан, өлкөнүн аткаруу бийлигине финансылык консультацияларды көрсөтүү аркылуу, мамлекеттик бюджетти толтуруунун мүмкүн болуучу кошумча булактарды аныктоого да багытталгандыгын, белгилей кетүү керек.

Эсептөө палатасы практика жүзүндө натыйжалуулук аудитин жайылтууга жана жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бура баштады, ал үчүн, 2024-жылы натыйжалуулук аудитин жүргүзүү боюнча бөлүм түзүлгөн. Бул бөлүм тажрыйбалуу жана тиешелүү билими бар кызматкерлерден турат. Аудиттин бул түрүн колдонуунун негизги максаты - бул, мамлекеттик ресурстарды тескөөдө үнөмдүүлүк, натыйжалуулук жана майнаптуулук жана белгиленген максаттарга жетүү предметине карата аудит субъектисинин ишин изилдөө жана талдоо болуп эсептелет. Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу – бул, мамлекеттик өнүгүүнүн көрсөткүчү.

Мындан сырткары, бүгүнкү күндө мамлекеттик саясатка ылайык, бюджеттин эсебинен капиталдык курулуш-куроо иштеринин көлөмү күндөн күнгө күч алып өсүшү байкалууда. Эсептөө палатасы бул жаатта да өзүнүн ыйгарым укуктарына ылайык, аудитордук иш-чараларды өркүндөтүүдө. Ушуга байланыштуу, отчёттук жылда, Эсептөө палатасында капиталдык салымдарга чыгымдар боюнча экперттик-аналитикалык иш-чараларды жүргүзүү боюнча тиешелүү бөлүм түзүлүп, бүгүнкү күндө, курулуш иштерине мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын сарпталышы боюнча тажрыйбалуу курулушчу адистер тиешелүү иш-чараларды алып барууда.

Эсептөө палатасы мындан ары өзүнүн ишин мыйзамдуулук, объективдүүлүк, көз карандысыздык, ачыктык жана айкындуулук принциптеринде жүргүзүүнү улантат.

## Кыскартуулардын тизмеси:

ААК – Ачык акционердик коом
АЖО – Аудиттин жогорку органы
ЕАЭБ – Евразиялык экономикалык биримдиги
ЕРӨБ – Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы
ЖАК – Жабык акционердик коом
ЖЧК – Жоопкерчилиги чектелген коом
ЖЧШ – Жоопкерчилиги чектелген шериктештик
ИДП – Ички дүң продукт
КР – Кыргыз Республикасы
КР ЖК – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
КР МК – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети
ММКФ – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду
КМШ – Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги
КНС – Кошумча нарк салыгы
КФ – Коомдук фонд
МИ – Мамлекеттик инвестициялар
МИ – Мамлекеттик ишкана
ММК – Милдеттүү медициналык камсыздоо
РБ – Республикалык бюджет
ШКУ – Шанхай кызматташтык уюму
INTOSAI – Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюму (International Organization of Supreme Audit Institutions)
ASOSAI –Жогорку аудит органдарынын Азиялык уюму (Asian Organization of Supreme Audit Institutions)
ARABOSAI ITWG –Жогорку аудит институттарынын Араб уюмунун IT жумушчу тобу (Arab Organization of Supreme Audit Institutions IT Working Group)
ECOSAI – Экономикалык өз ара жардамдашкан өлкөлөрдүн жогорку контролдоо органдарын уюштуруу (Economic Cooperation Organization of Supreme Audit Institutions)
EUROSAI - Жогорку аудит органдарынын Европа уюму
eIDAS – Электрондук идентификацияны иштеп чыгуу, кызматтарды аутентификациялоо
GSAI – Каржылык көзөмөлдүн жогорку органдарынын глобалдык отчеттуулук демилгеси(Global SAI Accountability Initiative)
IFPP – Эл аралык стандарттардын талаптары (International Framework Public Pronouncement)
ISSAI – Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттары (International Standards of Supreme Audit Institutions)
IDI – ИНТОСАИ өнүктүрүү демилгеси (INTOSAI Development Initiative)
PESA-P – Аудиторлор үчүн кесиптик окутуу (Professional Education for SAI Auditors)